# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | ИЮЛЬ-АВГУСТ **2019** | **№ 7-8 (93-94) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**

Жергиликтүү кеңештерде аялдарга орундардын 30% тийсин! ........ 2

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана жооптуу катчысы үчүн айлык акы жөнүндө ........ 5

**Мыйзамдардагы жаңылыктар**

Жергиликтүү шайлоолордун тартибине өзгөртүүлөр киргизилди: шайлоонун мезгилдүүлүгү, ДМЧА укуктары жана башкалар жөнүндө. ........ 7

Жаныбарларды идентификациялоо, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө. ЖӨБ органдарына социалдык өнүгүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө. ........ 9

Бюджеттик ачык-айкындуулуктун Муниципалдык индексин баалоо методикасын бекитүү, максаттуу көрсөткүчтөрдүн негизинде пландоо методикасы, Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо, жарандык коргонуу жөнүндө ........ 11

**Административдик-аймактык реформа**

Административдик-аймактык реформага МАКУЛ жана КАРШЫ пикир: эл аралык тажрыйба жана Кыргыз Республикасынын перспективасы ........ 12

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери ........ 17

**ЖӨБ Союзунун сунушу**

Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге жогорку билим тууралуу талапты коюу жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо коомдук байкоочулардын статусу ........ 21

**Юридикалык консультация**

Мектеп атайын транспорт каттамын уюштура алабы? Мектептеги тамактандырууну ким камсыз кылышы керек жана ага эмнелер кириши керек? Жазгы жана күзгү талаа иштери маалында көпчүлүк окуучуларды ата-энеси талаада иштетип коюуда. Ата-энелердин мындай иш-аракеттери канчалык мыйзамдуу? ........ 23

Мектеп администрациялары менен диалогду жүргүзүү максатында мектепте купуя каттар үчүн кутучаны орнотуп койсо болобу? ........ 24

**ЖӨБдүн мониторинг жана баалоосу**

ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо – эмнени баалайбыз? ........ 25

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Чакан гранттар программасы жергиликтүү жамааттын жашоосун өзгөрттү ........ 27

Жарандык бюджетти түзүү үчүн WEB-тиркеме: аны кантип иштетиш керек? ........ 28

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттын жигердүүлүгүн кантип камсыз кылса болот? ........ 30

Беш облустагы ЖӨБ органдарынын башчылары жана мамсатып алуулар боюнча адистер билимин тереңдетишти ........ 31

2020-2025-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү стратегиясын талкуулоо ........ 32

Жергиликтүү кеңештерде аялдар үчүн милдеттүү квота 30% БОЛСУН! ........ 33

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодекстин долбоорун иштеп чыгуу боюнча ведомство аралык жумушчу топ түзүлдү ........ 35

**ӨСИнин жаңылыктары**

Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында SDC «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоорунун (PSI) Экинчи фазасы ишке кирди ........ 36

Кыргызстанда алты муниципалитет социалдык көйгөйлөрдү МСЗнын жардамы менен чечүү үчүн КЭУну тарта баштады ........ 38

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үметалиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# Жергиликтүү кеңештерде аялдарга орундардын 30% тийсин!

**Август айында КР Президенти «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамына кол койду (2019-жылдын 8-августундагы №117 Мыйзам). Бул Мыйзамда аялдар үчүн бөлүнгөн 30 пайыздык квота көп чууну жараткан түзөтүү болуп калды. Бул квота үчүн гендердик теңдик принциптерин коргогон уюмдар көптөн бери күрөшүп келишкен эле.**
**Бир айдан кийин ошол күрөштүн алгачкы жыйынтыктары билинди. «Муниципалитет» журналы https://24.kg/vlast/130506/ сайтында жарыяланган макала менен бөлүшүүнү туура тапты (кыскартылып берилди). Бул макалада аялдар үчүн квота кантип ишке ашырылып жатканы жандуу баяндалган.**
**Бул алгачкы тажрыйба экенин, 2020-жылга белгиленген шайлоо маалында окуялар кандай өнүгөөрүн божомолдоо кыйын болгонун кошумчалай кетүү зарыл.**

# Саруудагы шайлоо. Элеттик аялдар эркектерди «ыйлатышты»

Бишкек – 24.kg, **Жазгуль МАСАЛИЕВА**

22-сентябрда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Сару айылында жергиликтүү кеңешке шайлоо өттү. Бул шайлоо коомчулуктун бүйүрүн кызыткан окуяга айланып, гендердик маселе кайрадан кабыргасынан коюлду. Эмне үчүн? Себеби шайлоо биринчи жолу жаңы мыйзам боюнча өттү. Бул мыйзамга мамлекет башчысы 13-августта кол койгон. Мыйзам боюнча жергиликтүү кеңештерде мандаттардын бери дегенде үчтөн бири аялдарга калтырылган.

Аялдар үчүн каралган 30 пайыздык квота жергиликтүү эркектердин чоң наарazылыгына себеп болду. Эгерде эркек талапкерлер мамлекет башчысы Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВГО жана Жогорку Кеңештин төрагасы Дастан ЖУМАБЕКОВГО кайрылуу жасабаганда, балким бул шайлоо жана добуш берүү маалындагы мыйзам бузуулар көз жаздымында кала бермек беле...

Сару айылындагы жергиликтүү кеңешке шайлоо августка белгиленген. Талапкерлер сентябрдын башында каттоодон өтүшкөн эле. Ошентип, 18-сентябрда – добуш берүүгө саналуу күндөр калганда, талапкерлер өлкөнүн бийлигине кат жазууну чечип, иш жүзүндө ультиматум коюшту.

Катта эркек талапкерлер айрым мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу, анын ичинде аялдар үчүн 30 пайыздык квота жөнүндө жетиштүү деңгээлде маалымат алышпаганын белгилешкен.

Сару айылынын эркектери шайлоо алдындагы тизмелерде аялдар үчүн бөлүнгөн квотага чычалашты: «Бул биздин жарандык, жигиттик укуктарыбызды эске албаганы. Ошондой эле аялдын жана эркектин ортосунда жаңжалдын чыгышына алып келүүдө, - деп наарazы болушту. – Эгерде шайлоодо 250 добуш алган эркек киши өтпөстөн, беш добуш алган аял киши өтүп мандатка ээ болсо, анда биз мыйзамдарга жана мамлекетке болгон ишенибизди жоготобуз».

Эң кызыгы – кайрылууга аял талапкерлер да кол коюшкан.

## Аялдардын тилектештиги жеңди

Каттоодон 79 талапкер өтсө, алардын 16сы аялдар болду. Булардын ичинен төрт талапкер шайлоого катышкан бир гана партиянын – «Мекен ынтымагынын» атынан чыкты.

БШКнын маалыматы боюнча, добуш берүүгө 1 797 адам катышты. Бул болсо шайлоочулардын тизмесине кирген жергиликтүү тургундардын жалпы санынан 34,6 пайызды түздү.

Шайлоо Сару, Санаторий жана Чабалдаев аттуу үч округда өттү.

Ошентип тогуз аял депутат болуп шайланды. Аялдар беш добушка ээ болот деп чырылдаган эркектердин кооптонуулары негизсиз экени белгилүү болду. Аял талапкерлер дурус жыйынтыкты көрсөтө алышты. Мисалы, Айнур ОМОРОВА 190 добушка ээ болуп, 28 талапкердин арасынан экинчи орунду алды. Бул округда айрым эркек талапкерлерге болгону 20 адам добуш беришкен.

Айнур ОМОРОВА: «Ушуну менен үчүнчү жолу жергиликтүү кеңештин депутаты болом. Бирок бул жолу квотанын айынан кармаш катуу болду».

Аял талапкерлер эркектердин наарazылыгына жана басымына карабастан, элеттик аялдар өз укуктары үчүн күрөшүп, депутат болуу ниетинен баш тартышпаганын белгилешти.

«Айрым аялдарга чындап эле басым жасалды, алар өз дарегине айтылган көптөгөн жагымсыз сөздөрдү угууга мажбур болушту. Бирок биз, аялдар бири-бирибизди колдоп, аягына чейин баруунy чечтик. Эгерде менин келиним депутаттыкка ат салышам десе, мен аны колдойм. Бул анын укугу да», - деп айтып берди Сару айылдык кеңешинин депутаты Шайымкүл ҮМӨТАЛИЕВА.

## Коркутпагыла. Коркпойбуз

Жергиликтүү эркектер аял кесиптештерин «түнгө чейин калып иштешиңер мүмкүн» деп коркутуп жатышат. Эркектердин ырасташынча, «айылдык кеңеште аялдардын тиши өтпөй турган маселелер талкууланышы ыктымал». Жаңы шайланган депутаттарды мындай сөздөр менен коркутуу мүмкүн эмес.

«Бизге «ирригация маселесин түшүнүү оор болот» деп айтып жатышат. Элеттик аялдар сугат иштерине катышып, түн жарымына чейин иштеген күндөр болгон эмес беле? Бул маселеде биз үчүн коркунучтуу же түшүнүксүз эч нерсе жок», - деп билдирди Шайымкүл ҮМӨТАЛИЕВА.

Назик АКБАРОВА Сару жергиликтүү кеңешинин эң жаш депутаты болду. Ал 28 жашта,



башталгыч класстардын окуучуларына билим берет. Назик АКБАРОВА үй тиричилигине да жетишип, төрт баласына тарбия да берип, мектепте да иштеп, жергиликтүү кеңешке да салым кошом деген ишенимде турат. Назик АКБАРОВА күйөөсүнүн өтүнүчү менен депутаттыкка ат салышууну чечкен. Күйөөсү болсо мандатын аялына берүүнү туура тапкан.




«Күйөөм мени колдоду. Мен дагы депутат болуп иштеп, элеттин көйгөйлөрүн чечүүгө жигердүү катыша алаарымды айтты. Эркек кесиптештер менен пикир келишпестиктер болбойт деп ойлойм», - деди ал.

Жазында өлкөнүн беш шаарында жана 26 айылдык кеңешинде шайлоо өтөт деп күтүлүүдө. Демек аялдардын күчүнө дагы күбө болчудайбыз.

Саруу айылдык кеңешине депутат болуп шайланган аялдар:

- Шайымкүл ҮМӨТАЛИЕВА, 65 жашта, пенсионер, Саруу айылдык кеңешинин төрайымы;
- Айнур ОМОРОВА, 43 жашта, райондук ҮДБ дарыгери;
- Клара ШЕКЕНБАЕВА, 52 жашта, «Нур» бала бакчасында чарба иштери боюнча адис;
- Самара АКМАТОВА, 37 жашта, Чабалдаев атындагы мектептин мугалими;
- Гүлмира АБДРАСУЛОВА, 58 жашта, Кызыл-Суу айылынын социалдык фондунун адиси;
- Үмүткөр ИБРАЕВА, 56 жашта, райондук архитектура бөлүмүнүн бухгалтери, шайлоого «Мекен ынтымагы» партиясынын атынан катышты;
- Айымкан КАЧКЫНБАЕВА, 67 жашта, Сыдыков атындагы мектептин мугалими.
- Акылыйма КЫДЫЕВА, 53 жашта, Сыдыков атындагы мектептин мугалими.
- Назик АКБАРОВА, 28 жашта, мугалим.

**Өлкөдө жашаган аялдар Саруу айылынын бул аялдарынан үлгү алышы керек. Дагы эмне айтаар элек? Азаматсыңар!**

# Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана жооптуу катчысы үчүн айлык акы жөнүндө

**Бектурган ОРОЗБАЕВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун улуттук деңгээлде иш алып барган менеджери

**Жергиликтүү кеңештин ишин уюштуруу жаатындагы көкөйгө тийген курч маселени чечүүгө эки жыл убакыт кетти. Эки жылга созулган талкуулардан жана талаш-тартыштардан кийин КР Президенти мыйзамга кол койду. Бул мыйзам жергиликтүү кеңештердин төрагасы жана жооптуу катчылары үчүн айлык акыны белгилегенден тышкары, бир катар башка жаңы өзгөртүүлөрдү киргизди. Анын ичинде ЧУА долбоорлорун ЖӨБ органдары менен милдеттүү түрдө макулдашуу да бар.**

2018-жылдын 8-августунда КР Президенти «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамына кол койгон. Ага ылайык, төмөнкү мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген:

– Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө,
– Борбордун статусу жөнүндө,
– Ош шаарынын статусу жөнүндө,
– Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө,
– КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө,
– КР Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө.

Мыйзам долбоорун 2016-жылы ВАП долбоору иштеп чыгып, КР Жогорку Кеңешинин депутаттары **К. БОКОЕВ, Н. НИКИТЕНКО, У. КЫДЫРАЛИЕВ** демилгелеген. Бул мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңеши 2016-жылдын 29-декабрында кабыл алган.

Бирок каржылоо булактары так аныкталбагандыктан кабыл алынган Мыйзам КР Президентинин каршы пикири, айрым ченемдерин биротоло иштеп чыгуу сунушу менен (2017-жылдын 10-февралындагы №01-01-504) Жогорку Кеңешке кайтарылган.

Андан соң КР Жогорку Кеңешинин токтому (2017-жылдын 9-мартындагы №1407 – VI) менен кабыл алынган мыйзамдын айрым ченемдери боюнча макулдашылган вариантты иштеп чыгуу үчүн макулдашуу тобу түзүлгөн. Макулдашуу тобунун узак убакытка созулган, көп эмгекти талап кылган иш процессинде мыйзамдын демилгечилери ВАПтын катышуусу менен мыйзамдын макулдашылган вариантын иштеп чыгышты. Бул вариантты Жогорку Кеңеш жактырып, 2018-жылдын 8-августунда ага КР Президенти кол койгон.

Кабыл алынган Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү айрым ченемдерди өркүндөтүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде топтолгон бир катар маселелерди чечүүгө багытталган.

### Ченем жаратуу процессинде ЖӨБ Союзунун жана муниципалдык бирикмелердин ролун жогорулатууга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын туруктуулугун камсыз кылууга багытталган

Кабыл алынган Мыйзам ЖӨБ органдарынын союздарынын, бирикмелеринин ролун күчтөндүрүүгө, ошондой эле ченемдик укуктук актыларды кабыл алып жатканда ЖӨБ органдарынын пикирлери жана кызыкчылыктары эсепке алынышын камсыз кылууга багытталган. Айталы, «ЧУА жөнүндө» КР Мыйзамынын 21-беренесине, «КР ЖК Регламенти жөнүндө» КР Мыйзамынын 47-беренесине ылайык, мындан ары ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Президенттин, Өкмөттүн, Жогорку Кеңештин кароосуна жиберээрдин алдында эгерде ченемдик укуктук актынын долбоору жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү болсо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бирикмелери, союздары менен милдеттүү түрдө макулдашылышы керек.

ЖӨБдүн аткаруу органынын регламенттери жөнүндө ченем киргизилди. Бул өзгөрүү ЖӨБдүн аткаруу органдарынын ишин регламенттештирүүгө жана уюштурууга, ЖӨБ органдарынын карамагында турган маалыматтын ачык-айкындуулугун жана алардын жарандарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга карата бирдиктүү ыкманы орнотууга жол ачат. Буга чейин мыйзамдарда ЖӨБдүн аткаруу органдарына мындай талаптар коюлган эмес. Регламенттердин жоктугу, АӨ жана мэрияларда ишке карата ар башкача ыкмалардын колдонулушу муну тастыктап турат. Бул маселени чечүү максатында ЖӨБЭММА ушул мыйзам долбоорун кароо процессинде 2017-жылдын 21-ноябрында өзүнүн №01-18/156 буйругу менен АӨнүн Типтүү

регламентин бекитти. Бүгүнкү күндө ушундай эле документти шаардык мэриялар үчүн да кабыл алуу зарыл болуп турат.

**Ченем чыгаруу демилгесинин жол-жоболору жөнөкөйлөштүрүлдү**

Эгерде буга чейин ченем чыгаруу (элдик) демилге көтөрүү укугуна жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн үчтөн бири ээ болсо, мисалы, Бишкек шаары үчүн 300 000 адамды түзүп келсе, эми бул ченем балансталып, төмөнкүлөрдү караштырат:

Жергиликтүү ченем чыгаруу демилгесинин укуктарына ээ жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн саны тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктеги калктын санын эске алуу менен төмөнкүдөй белгиленет.

1) Бишкек, Ош шаарлары - 5000 мүчө;

2) шаардык жана айылдык кеңештер (статистикалык маалыматтарга ылайык шайлоолор өткөрүлүп жаткан администрациялык-аймактык бирдиктин жылдын 1-январына карата калкынын саны боюнча):

- 6000ге чейин - 300 мүчө;
- 6001ден 20000ге чейин - 600 мүчө;
- 20001ден жана андан жогору - 1000 мүчө.

**ЖӨБдүн аткаруу жана өкүлчүлүктүү органдары кабыл алып жаткан актылар ирээтке келтирилет**

Мындан ары жергиликтүү кеңештер ченемдик-укуктук мүнөздөгү токтомдорду гана эмес, ошону менен бирге уюштуруучулук-тескөөчү мүнөздөгү, расмий жарыялануга чыгарылбаган, ЧУА Реестрине киргизүү үчүн Юстиция министрлигине жиберилбеген тескемелерди да коллегиялдуу кабыл алышат. Мындан тышкары мыйзам жергиликтүү кеңештин төрагасына уюштуруучулук-кадрдык мүнөздөгү маселелер боюнча жеке өзү тескеме кабыл алууга укук берет. Ошондой эле мыйзам ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысы кабыл алган актыларды – токтомдорду жана тескемелерди да тартипке келтирет;

**Кабыл алынган ЧУА документтерин расмий жарыялоо иши жөнөкөйлөштүрүлдү**

Бул өзгөртүү жергиликтүү кеңештер кабыл алып жаткан ченемдик укуктук актыларга жарандардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, муну ЧУАны жарыялоо жолдорун жеңилдетүү жолу менен ишке ашыруу максатын көздөйт. Мындан ары жергиликтүү кеңештин чечими боюнча ЧУА долбоорлору жергиликтүү кеңеш аныктаган атайын жерлерде (такталарда, стенддерде) жарыяланса болот. Бул болсо жарандардын кабыл алынган ЧУАларга жеткиликтүүлүгүн жеңилдетип, кабыл алынган ЧУАларды расмий жарыялоо тартибин жөнөкөйлөштүрөт;

**Айылдык кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын ишин өз алдынча уюштуруу үчүн шарттар каралды**

Кабыл алынган бул өзгөртүүлөр маанилүү жаңылыктардын бири. Себеби Мыйзам менен айылдык кеңештерде өзүнчө штаттык бирдик (жооптуу катчы) ачылып, айылдык кеңештердин төрагалары үчүн шаардык кеңештердин төрагаларынын маянасынын деңгээлинде айлык акы белгиленип, муну менен айылдык кеңештердин дараметин күчөтүү үчүн шарттарды түзүү максаты коюлду. Бул ченем айылдык жана шаардык кеңештердин ортосундагы кандайдыр бир деңгээлдеги теңсиздикти жоюуга, муну менен айылдык кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын ишинин натыйжалуулугун арттырууга жана активдештирүүгө, анын шайлоочулардын алдындагы жоопкерчилигин күчөтүүгө жол ачат.

Муну менен катар, мыйзамда калктын саны 20 000 адамдан көп болгон айылдык аймактардагы айылдык кеңештердин төрагаларынын айлык акысы белгиленип, калктын саны 6000 адамдан көп болгон айылдык кеңештерде жооптуу катчы үчүн өзүнчө штаттык бирдик киргизилди. Мындай чараны макулдашуу комиссиясы бюджеттик каражаттын тартыштыгын, администрациялык-аймактык реформанын алкагында администрациялык-аймактык бирдиктерди (айылдык аймактарды) ирилештирүүгө багытталган мамлекеттик саясатты эске алуу менен кабыл алды. Муну менен кабыл алынган мыйзам төмөнкүдөй ченемдерди камтыйт.

Учурдагы жылдын 1-январына карата абал боюнча калктын санын эске алуу менен, администрациялык-аймактык бирдиктин айылдык кеңешинин ишин уюштуруучулук камсыз кылуу төмөнкүлөргө жүктөлөт:

- 6000 адамдан аз - тиешелүү айылдык аймактын айыл өкмөтүнүн аппаратына;
- 6001 адамдан жогору - жергиликтүү кенештин жооптуу катчысына». (ЖӨБ жөнүндө Мыйзамдын 35-беренесинин 2-бөлүгү);
- калктын саны 20001 адамдан аз шаардык кеңештин жана жергиликтүү кеңештин төрагасы илимий, педагогикалык жана башка чыгармачыл иштерди кошпогондо, башка акы төлөнгөн иш менен алектенүүгө укугу жок.

Учурдагы жылдын 1-январына карата абал боюнча калктын саны 20001 адамдан аз администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү кеңешинин төрагасы өзүнүн милдеттерин коомдук башталышта аткарат, бирок айылдык кеңештин сессиясы иштеген мезгилде бир жолку компенсация алат». (ЖӨБ жөнүндө Мыйзамдын 37-беренесинин 9 жана 10-бөлүктөрү).

Кабыл алынган мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. Ошону менен катар Мыйзамдагы айылдык кеңештин жооптуу катчысына тиешелүү жоболору 2019-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө кирди. Ал эми мыйзамдагы айылдык кеңештин төрагасына тиешелүү жоболору 2019-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө кирди.

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА,**
КР ЖӨБ Союзу жана ӨСИ үчүн

## Жергиликтүү шайлоонун тартибине өзгөртүүлөр киргизилди: шайлоонун мезгилдүүлүгү, ДМЧА укуктары жана башкалар жөнүндө

**2019-жылдын 8-августундагы №117 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы.**

Кабыл алынган Мыйзам 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү Стратегиясында каралган тапшырмаларды аткаруу максатын көздөйт. Аталган Стратегия Кыргыз Республикасын Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңешинин 2018-жылдын 13-августунда өткөн VII отурумунда кабыл алынган. Стратегияны Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча Жумушчу топ иштеп чыккан. Жумушчу топ 2013-жылдын 22-майында КР Президентинин Жарлыгы менен түзүлгөн.

### Шайлоонун мезгилдүүлүгү

Ошентип, Мыйзамга ылайык, жылдын апрель айынын экинчи жекшембиси жана октябрь айынын экинчи жекшембиси добуш берүү күнү болуп саналат. Эгерде жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайланган мөөнөт 1-декабрдан 31-декабрга чейинки мезгилде аяктаса, кийинки шайлоолор көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөн жылдан кийинки жылдын апрель айынын экинчи жекшембисинде өткөрүлөт.

Эгерде жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайланган мөөнөт 1-январдан 31-майга чейинки мезгилде аяктаса, кийинки шайлоолор көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөн жылдын апрель айынын экинчи жекшембисинде өткөрүлөт.

Эгерде жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайланган мөөнөт 1-июндан 30-ноябрга чейинки мезгилде аяктаса, кийинки шайлоо көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаган жылдын октябрь айынын экинчи жекшембисинде, ал эми Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү жылы - көрсөтүлгөн шайлоолордо добуш берүү күнүндө өткөрүлөт.

Жарандарды шайлоо процессине тартууну жакшыртуу боюнча чаралар.

Жарандар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп, биометрикалык каттоодон өтүү процессин жөнөкөйлөштүрүп, аларды шайлоочулардын тизмесине кошуу максатында мыйзам:

1) шайлоочулардын мамлекеттик порталы, шайлоочулардын алдын ала, контролдук жана акыркы тизмеси түшүнүктөрүн конкреттештирди (2-берене);

2) шайлоочулардын мамлекеттик порталында «шайлоочунун кабинети» сервиси аркылуу электрондук түрдө арыз берүү менен шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн берет (13-берене).

3) шайлоочулардын тизмесин тактоо боюнча иш-аракеттердин негизги комплексин, анын ичинде шайлоочуну идентификациялоо боюнча ыйгарым укуктарды ыйгарым укуктуу органдан (МКК) Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берет, мында өз ара аракеттенүүнүн жаңы тартиби такталган (13-берене);

4) добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күн калганда шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилин көбөйтөт (13-берене).

### ДМЧАнын шайлоо укуктарын камсыз кылуу

1) Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын добуш берүүчү бөлмөгө кирүүсүн камсыз кылуу үчүн талаптар коюлду. Мыйзамга ылайык, тийиштүү шайлоо комиссиясы добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын муктаждыктарына канчалык жооп берээрин текшерүүнү уюштурат. Бул үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн тартат. Эгерде добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын кирүүсү үчүн атайын түзүлүштөр менен жабдылбаса, тиешелүү шайлоо комиссиясы шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү талабын жөнөтөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары аларга шайлоо комиссиялары кайрылган учурда добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды токтоосуз көрүүгө милдеттүү. Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет»;

2) маалыматтык тактага, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн ыңгайлаштырылган Брайль шрифтин колдонууга карата талаптар коюлган (22-берене).

4) талапкерлер, саясий партиялар үгүт материалдарын басып чыгаруусуна, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар адаптацияланган үгүт материалдарын жалпы нускасынын санынын бир пайызынан кем эмес санда басып чыгаруусуна карата талаптар коюлду (27-берене).

### Пассивдүү шайлоо укугун ишке ашыруу

Шайлоо органдарынын сапатын жогорулатуу максатында төмөнкүлөр киргизилди:

1) талапкердин билими орто жалпы билимден кем болбошу керек (3-берене);

2) соттуулук боюнча чектөөлөр (3-берене);

3) талапкер (партия тарабынан көрсөтүлгөн) жана катталган талапкер түшүнүктөрү бөлүп каралды (2-берене);

4) катталган талапкердин ишинде кепилдиктер пайда болгон учур жана алардын күчүндө болгон мөөнөтү белгиленди (17-берене);

Саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер тапшырчу документтерди тизмеги толукталды (53-берене): 1) башка мамлекеттин жарандыгынын жоктугу жөнүндө; соттуулугунун жоктугу же болбосо эгерде талапкер учурдагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси менен кылмыш деп таанылган жосундар үчүн көрсөтүлгөн мыйзам актыларына ылайык соттолсо, талапкер соттолгон Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренесинин (беренелеринин), чет мамлекеттин мыйзамынын беренесинин (беренелеринин) номерин (номерлерин) жана аталышын (аталыштарын) көрсөтүү менен мурда болгон, учурдагы соттуулугу жөнүндө документтер; 2) ар бир талапкер тарабынан толтурулган, мыйзамдарда белгиленген формадагы жеке маалыматтарды жыйноого жана текшерүүгө макулдук.

### Гендердик теңдикти камсыз кылуу

Жергиликтүү кеңештерде аялдардын санын көбөйтүү максатында Мыйзам менен айылдык кеңештердин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайызын аялдар үчүн калтыруу жана резервге калтырылган мандаттарды бөлүштүрүү тартиби жөнүндө жоболор киргизилди (591, 62-беренелер).

## Жаныбарларды идентификациялоо жөнүндө

**2019-жылдын 20-июнундагы №75 «Жаныбарларды идентификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

Мыйзамга ылайык, ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жаныбарларды жана чарбаларды идентификациялоо жана каттоо боюнча өзүнүн айрым ыйгарым укуктарын тийиштүү мамлекеттик органдарга, мамлекеттик ишканаларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана келишимдик негизде жеке ветеринардык практика менен алектенген жактарга өткөрүп берет.

## Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө

2019-жылдын 22-июлундагы №95 «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Мыйзам укук колдонуу практикасын эсепке алуу менен мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө өлкөнүн мыйзамдарын өркүндөтүү, МЖӨ долбоорлорун даярдоо процессинде жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүү жана мөөнөттөрүн кыскартуу максатын көздөйт. Аны менен катар Мыйзам долбоорунда колдонулган «мамлекеттик өнөк» түшүнүгү кеңейтилди. Мыйзамга ылайык, мамлекеттик өнөк – аткаруу бийлигинин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин, добуш берүүчү акцияларынын 50 жана андан ашык пайыздары мамлекетке таандык болгон акционердик коомдордун бир же бир нече мамлекеттик органдары. Мыйзам мамлекеттик өнөктүн тарабынан бир же бир нече субъект чыгышына укук берет. Ошону менен бирге «кызыкдар жак», «тендердин катышуучусу», «консорциум», «тендерге катышуу үчүн квалификацияны суратып алуу», «МЖӨ долбоорун демилгелөө тууралуу сунуш» өңдүү жаңы түшүнүктөр кирди. Тендердик документтердин көлөмү кыскарды, жеке өнөктү тандап алуу боюнча тендерди өткөрүүнүн жана «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонбостон МЖӨ жөнүндө макулдашууну аткаруунун жол-жоболору такталды.

# Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө

**2019-жылдын 26-июнундагы №76 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

Бул өзгөртүүлөр мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда пайда болгон мамилелерди укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү максатында киргизилди. Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр киргизилди: демпингдик баа - жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана товарларга берүүчү (подрядчы) тарабынан сунуш кылынган, айрым сатып алуучу уюм тарабынан пландалган сатып алуулардын суммасынан мамлекеттик сатып алуулардын бардык усулдарына 20 пайыздан ашыкка төмөн болгон баа; эки пакеттүү ыкма - эки этапта өткөрүлүүчү конкурсту бир этаптык усул менен өткөрүү жолжобосу: биринчи этапта конкурстук табыштамалардын сатып алуучу уюмдун квалификациясына жана техникалык талаптарына ылайык келүүсүнө баа берүү жүзөгө ашырылат жана экинчи этапта эң аз бааланган нарк боюнча жеңүүчүнүн аныкталышына баа берүү жүзөгө ашырылат. Мыйзамга ылайык, бешинчи стадиядагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызмат көрсөтүүлөрүнө байланышкан иш-аракеттер «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамы менен каралбайт. Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана жүзөгө ашыруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

# ЖӨБ органдарына социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-майындагы № 235 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы № 715 «Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Токтому**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболорун андан ары ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2014-жылдын 19-декабрындагы № 715 «Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүү киргизди. Ага ылайык, ыйгарым укуктары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилүүчү мамлекеттик органдардын жана ыйгарым укуктардын тизмеги жаңыланды. Мамлекеттик органдардын тизмегине Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги кошулду. Бул министрлик ЖӨБ органдарына төмөнкүдөй функцияларды өткөрүп бере алат:

1. Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдү жана балдарды төмөнкүдөй алынган маалыматты кароо жана иштеп чыгуу жолу менен табуу:
   - уюмдардын жана жарандардын оозеки же жазуу жүзүндөгү кайрылуусунан;
   - жалпыга маалымдоо каражаттарынан;
   - аймактык мамлекеттик органдардан;
   - үймө-үй кыдыруунун жыйынтыгы менен;
   - ведомство аралык рейддердин, акциялардын, жыйындардын, калк менен жолугушуулардын жыйынтыгында.
2. Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын муктаждыктарын баалоо:
   - турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр жана/же балдар боюнча базаны түзүү жана эсебин алуу;
   - турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана/же балдардын турак жайтиричилик шарттарын текшерүү;
   - турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөнүн социалдык паспортун жүргүзүү;
   - турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана/же балдардын социалдык кызматтарга болгон керектөөлөрүн баалоо;
   - турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн жана/же балдардын социалдык кызматтарга болгон керектөөлөрүн кайрадан ар тараптуу баалоо.

3. Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык кам көрүү:
– ишке орношуу жана социалдык өнүгүү маселелери боюнча жарандардын арыздарын жана каттарын кароо;
– турмуштук оор кырдаалга жол бербөө боюнча алдын алуу иштерин жүргүзүү;
– үй-бүлө менен жеке иштөө планын ишке ашыруу;
– баланы коргоо боюнча жеке планды ишке ашыруу;
– турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана/же үй-бүлөлөрдү социалдык коштоо.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына төмөнкүдөй ыйгарым укуктар берилди:
– 16 жашка чыккан жарандардан паспорт берүүгө документтерди кабыл алуу, ошондой эле даяр болгон паспортту берүү;
– Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун алмаштырууга документтерди кабыл алуу, ошондой эле даяр болгон паспортту берүү;
– Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун алмаштырууга документтерди кабыл алуу, ошондой эле даяр болгон паспортту берүү;
– баланын туулгандыгын каттоо, ошондой эле туулгандыгы жөнүндө күбөлүктү берүү;
– никени каттоо, ошондой эле нике жөнүндө күбөлүктү берүү;
– өлгөндүктү каттоо, ошондой эле өлгөндүгү жөнүндө күбөлүктү берүү;
– аталыкты аныктоо, ошондой эле аталыкты аныктоо жөнүндө күбөлүктү берүү;
– жарандарды жашаган жери жана келген жери боюнча каттоо;
– «балага сүйүнчү» арызын каттоо.

# Бюджеттик ачык-айкындуулуктун муниципалдык индексин баалоо методикасын бекитүү жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-сентябрындагы №452 «Бюджеттик ачык-айкындуулуктун муниципалдык индексин баалоо методикасын бекитүү жөнүндө» токтому**

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана финансылык децентрализациялоо реформаларын ишке ашыруу, мамлекеттик финансыларды башкаруу системасын өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 129-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Бюджеттик ачык-айкындуулуктун муниципалдык индексин баалоо методикасын тиркемеге ылайык бекитти. Методика жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде бюджеттик ачык-айкындуулукту мүнөздөчү көрсөткүчтөрдүн системасын белгилейт. Бюджеттик ачык-айкындуулуктун индикаторлорун баалоодо жергиликтүү бюджетти аткаруу жөнүндө отчеттун, статистикалык отчеттун маалыматтары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук отчету, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары пайдаланылат. Бюджеттик ачык-айкындуулук баллдык система боюнча бааланат жана ушул Методикага ылайык аныкталган формула боюнча эсептелет.

# Максаттуу көрсөткүчтөрдүн негизинде пландоо методикасы жөнүндө

**2019-жылдын 15-июлундагы №348 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдер менен бекитилген максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландоо методикасын бекитүү жөнүндө» Токтому**

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдер менен бекитил-

ген максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландоо Методикасын бекитти. Бул Методика Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдер менен бекитилген максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын максаттуу программаларын жана аларга тийиштүү пландарды иштеп чыгуу тартибин белгилейт.

КР Өкмөтүнүн токтому менен министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча) Методикага ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программаларынын негизги көрсөткүчтөрүнө жетишүү деңгээлин баалоо үчүн 2019-жылга карата өнүктүрүү пландарын иштеп чыгуу тапшырылды.

# Жарандык коргонуу жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июнундагы №315 «Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын, күчтөрүн жана калкты Жарандык коргонуу тармагында даярдоонун бирдиктүү системасы жөнүндө» Токтому**

Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын, күчтөрүн жана калкты Жарандык коргонуу тармагында даярдоону өркүндөтүү максатында, «Жарандык коргонуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү «Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын, күчтөрүн жана калкты Жарандык коргонуу тармагында даярдоонун бирдиктүү системасы жөнүндө жобону бекитти.

Бул Жобо Жарандык коргонуунун башкаруу органдарынын, күчтөрүнүн кызмат адамдарын жана калкты Жарандык коргонуу тармагында окутуунун негизги милдеттерин, багыттарын, формаларын, ыкмаларын жана тартибин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын менчигинин түрүнө карабай тиешелүү функцияларын, анын ичинде Жарандык коргоону жаатындагы окуп жаткандардын категориясын, окутуу көлөмүн, жерин, мезгилин аныктайт.

# Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» Токтому**

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү тартибин бекитти. Бул Тартип үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү маселелерин жөнгө салат. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам берилет жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо көрсөтүлөт. Жабыр тарткандарга жардам юстиция органдарын, аймактык адвокатураларды, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарын тартуу менен ички иштер, социалдык өнүктүрүү, балдарды коргоо, саламаттык сактоо, билим берүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар (кризистик борборлор, консультациялык-алдын алуу борборлору) тарабынан көрсөтүлөт. Тартипке ылайык, жабыр тарткан адам мэрияга/айыл өкмөтүндө кайрылган учурда/мындай факты аныкталганда алар:

1) аймактагы коомдук өз алдынча башкарууларды тартуу менен тейлеген аймакта үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам берүүнү уюштурушат;
2) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер аркылуу жардам беришет;
3) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо коркунучу жөнүндө ички иштер органдарына маалымдашат. M

# Административдик-аймактык реформага МАКУЛ жана КАРШЫ пикир: эл аралык тажрыйба жана Кыргыз Республикасынын перспективалары


Өнүктүрүү саясат институту ЖӨБЭММА үчүн даярдаган эксперттик пикир.
Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун (УСИИ) материалдары колдонулду

## ААРдин ОҢ ЖАКТАРЫ

Администрациялык-аймактык бирдиктерди бириктирүү (консолидациялоо) бөлүгүндө администрациялык-аймактык реформаларды жүргүзүүнүн эл аралык практикасы жана тажрыйбасы аймактарды консолидациялоонун пайдасына төмөнкү схемада көрсөтүлгөндөй жүйөлөрдү жалпылаштырууга, мындагы дагы ири субулуттук юрисдикцияларды түзүүгө жол ачат. Ошону менен бирге тажрыйба ирилештирүүдөн пайда таба турган топторду бөлүп алууга да жол берет.

**Жергиликтүү деңгээлде көбүрөөк кызмат көрсөтүүлөр.** Ири администрациялык-аймактык бирдиктерде азыркыдан бир кыйла кеңири функцияларды камсыз кылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк болот. Ошондуктан аймактарды бириктирүү жергиликтүү деңгээлде көбүрөөк кызматтарды көрсөтүүгө жол берет. Мисалы, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын реабилитациялоосу өңдүү адистештирилген социалдык кызматтарды көрсөтүү ар бир айылдын, атүгүл ар бир айылдык аймактын деңгээлинде мүмкүн болбойт. Ал эми мындай кызмат көрсөтүүнү райондун деңгээлинде уюштурса болот. Муниципалитеттин орточо көлөмү менен ИДПга салыштырганда муниципалдык чыгашалардын салыштырма салмагы ортосунда тикелей байланыш бар: аймактардын консолидациясы ишке ашкан өлкөлөрдө муниципалдык чыгашалардын ИДПдагы салыштырма салмагы аймактык дефрагменттөөнүн деңгээли жогору болгон аймактарга караганда жогору. Муниципалдык чыгашалардын ИДПдагы үлүшүнүн өсүшүн бир жагдай менен түшүндүрсө болот: мамлекет ирилештирилген аймактардын карамагына көбүрөөк функцияларды, ыйгарым укуктарды жана ресурстарды өткөрүп берет.

**Кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугу жогорулайт.** Масштабдын эффектиси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ири бөлүмдөрүндө дагы да арзан, дагы да натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөрдү колдонууга жол ачат. Бул практиканын эң эле айкын далили муниципалдык администрациянын чыгашалары тууралуу маселе



боюнча берилген (Swianiewicz 2002). Мисалы, чакан бир айыл өкмөтүндө квалификациялуу юристти жалдоого мүмкүнчүлүгү болбойт. Бирок ирилештирилген муниципалитет айлык акы фондун оптималдаштыруунун эсебинен муну жасай алат. Бул өзгөчө муниципалдык ишканалардын маселесинде актуалдуу болуп турат. Бир нече айыл өкмөтү үчүн таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча бир ишкананы кармоо ушундай эле бир нече ишкананы кармаганга караганда рентабелдүү болоору талашсыз.

**Муниципалдык кызматтын кесипкөйлүгү артат.** ЖӨБ органынын штаты объективдүү себептерден улам чектелүү болгондуктан көпчүлүк айыл өкмөттөрдө муниципалдык кызматчылар бир нече милдеттерди аткарууга мажбур. Ошентип чакан ЖӨБ органдары адистердин универсалдуу болушу үчүн шарттарды түзүп жатат. Мисалы, инвестицияларды тартуу боюнча адис жер түзүү боюнча адис болуп иштейт, кирешелер боюнча адис сатып алуулар боюнча адистин функцияларын аткарат, ал эми жоопту катчы бир эле маалда жаштар менен иштөө боюнча адистин, кадрлар бөлүмүнүн адисинин ишин аткарат. Ирилештирилген ЖӨБ органдары адамдын саны көбүрөөк болгон штатка ээ боло алат. Бул болсо кууш адистикке ээ персоналды жалдоого шарт түзөт. Мунун натыйжасында муниципалдык кызматчылардын кесипкөйлүгү да жогорулайт. Ошол эле маалда муну тоскоолдук деп да айтсак болот. Себеби ирилештирүүгө чукул арада өтүү жергиликтүү деңгээлде кууш адистикке ээ болгон адистердин тартыштыгын жаратат.

**Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон кызыгуусу артат.** Ирилештирилген ЖӨБ органдары көбүрөөк функцияларды аткара алышат, адамдардын күнүмдүк турмушуна көбүрөөк таасир тийгизе алышат. Ошондуктан адамдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга кызыгуусунун деңгээли жогору болот (Dahl and Tufte 1973).

**Дотацияда турган ЖӨБ органдарынын саны кыскарат.** Азыркыдагы ири административдик-аймактык бирдиктерге ээ болгон административдик-аймактык түзүлүштөр муниципалитеттер ортосундагы кирешелердеги айырманы кыскартууга, кирешелерди теңдештирүүгө көмөкчү болгон киреше базасын бириктирүүгө жол ачат. Мындай табигый теңдештирүү тигинен теңдештирүү системасына басымды азайтат. Башкача айтканда, теңдештирүүчү гранттардын санын жана көлөмүн азайтып, дотацияда турган муниципалитеттердин санын кыскартат.

**Аймактардын өнүгүүсү бир кыйла натыйжалуу болот.** Дагы да ири административдик-аймактык бирдиктер социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландап жатканда, анын саясатын түзүүдө бир кыйла эффективдүү боло алышат. Себеби көбүрөөк ресурстарга, тышкы байланыштарды түзүүдө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө, дагы да кесипкөй кадрдык курамга ээ болушат. Бул болсо аймактарды өнүктүрүү саясатын пландап, аны ишке ашыруунун мындан дагы жогорку сапатын камсыз кылат.

**«Кайсы жерде жашасам, ошол жерге төлөйм» системасына өтүү.** Аймактары бириктирилген тутумдарда төлөбөй, буйтап качуу көйгөйү болбойт. Тагыраак айтканда, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү башка юрисдикцияда жашаган (жана жергиликтүү салыктарды төлөгөн) тургундар колдонгон кырдаал түзүлбөйт. Башкача айтканда, консолидация административдик чек аралар менен калкты тейлөө зоналары ортосундагы дал келбестиктерди азайтууга жардам берет. Мисалы, Бишкекке жанаша жайгашкан айылдардын тургундары борбор калаада иштеп же окуп, анын инфраструктурасын колдонот дейли. Бирок алар башка жергиликтүү бюджеттерге салык төлөп жатышат.

## ААРди ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ПАЙДА БОЛУШУ ЫКТЫМАЛ ТОСКООЛДУКТАР

Ошол эле маалда аймактарды бириктирген учурда утушка ээ болгондор менен катар, реформа кызыкчылыктарына зыян келтириши ыктымал болгон топтор да бар. Алар үчүн өкмөт компенсациялык чараларды пландашы керек.

Көлөмү боюнча чакан ЖӨБ органдарды (аймактык фрагментацияны) сактап калууну жактагандардын да өздөрүнүн жүйөлөрү бар.

**Айрым мамлекеттик органдардын каршылыгы.** Ирилештирилген муниципалитеттерге көп сандагы функциялар жана ыйгарым укуктар берилген учурда гана ирилештирүүнүн маңызы пайда болот. Мындан улам айрым мамлекеттик органдардын бюрократиялык каршылыгы сөзсүз болот. Себеби аларды ыйгарым укуктары штаттык бирдик жана бюджет өңдүү ресурстар менен кошо ирилештирилген ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилет. Мисалы, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги өзүнүн райондук башкармалыктарын жоготуп алышы ыктымал. Бул жагдай ведомствону реформага каршылык көрсөтүүгө түртүшү мүмкүн.

**ЖӨБ органдарынын жетекчилиги жана муниципалдык кызматчылардын каршылыгы.** Эгерде ЖӨБ органдарынын жетекчилиги жаңы перспективаларды даана элестете албаса, алар реформаларга каршылык көрсөтүшү ыктымал. Кайра бөлүштүрүүдө аймактар ресурстарды жогото турган жагдайда бул көрүнүш өзгөчө билинет.

**Комплекстүү пландоо тутумунун жоктугу.** Комплекстүү пландоо, анын ичинде мейкиндиктик пландоо тутуму болбогон учурда бийликтин деңгээлдери боюнча ресурстарды, анын ичинде салыктарды бөлүштүрүүдө, ошондой эле ирилештирилген жаңы административдик-аймактык түзүлүштөрдүн чек араларын аныктап жатканда ката кетирип алуу тобокелдиги жогору болот. Ре-

сурстар башкаруунун ар бир деңгээлинин ыйгарым укуктарына, предметине жараша дыкат пландаштырылышы керек. Атүгүл ресурстар жергиликтүү деңгээлдеги бийлик үчүн өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарууга бөлүштүрүлүшү керек. Ресурстардын так эмес дифференциацияланышы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишиндеги натыйжалуулукту азайтып, мунун айынан калктын нааразычылыгы жаралышы ыктымал. Реформаларды ишке ашыруу ырааттуу түрдө жүрүп, пилоттук райондордо башталышы керек. Административлык-аймактык реформанын бардык багыттарын бир маалда ишке ашыра баштоо өлкөнү башкаруу тизгинин колдон чыгарып алуу коркунучун жаратат. Өткөөл мезгилдин механизмдери дыкаат даярдалып, модель түрүндө гана эмес, ар бир айылдык аймакка чейин конкреттүү түрдө иштелип чыгууга тийиш. Аймактарды каттоодо (Мамкаттоо) так эместиктер бар болгондуктан жана аймактардын башкы планын даярдоо үчүн каражат жетишпегендиктен айыл өкмөттөрдүн чек араларын аныктоо ишти татаалдаштырат. Бул өтө чоң эмгекти, анын ичинде масштабдуу инвентаризациялоо жумуштарын талап кылат. Бул болсо өз кезегинде өтө көп жана ырааттуу түрдө бөлүнүп турган чыгымдарга байланыштуу болот. Мындан улам чыгымдарды көз карандысыз эксперт тактап, жыйынтыгын жергиликтүү калк менен макулдашуу зарыл.

**ЖӨБдүн ишине канааттануу деңгээли чакан муниципалитеттерде салыштырмалуу жогору.** Чакан жамааттарда жарандар/шайлоочулар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы байланыш бир кыйла тыгыз. Чакан айылдык аймактарда ар бир жашоочу айыл өкмөт башчысын жакындан тааныйт. Өз ара ишеним бекем, маалыматтардын агымы жөнөкөй, мунун натыйжасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчилигин көбүрөөк сезет. Чакан муниципалитеттерде жашаган адамдар жергиликтүү бийлик органдарынын жыйынтыктарына көбүрөөк канааттанганын тастыктаган бир нече изилдөөлөр бар. Көпчүлүк өлкөлөрдө жарандардын жергиликтүү коомдук иштерге кызыгуусу жергиликтүү шайлоого катышуусу менен билинет жана бул көрсөткүч чакан муниципалитеттерде жогору болот (Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн маалыматы боюнча – Swianiewicz 2002). Бирок соңку он жылдын тажрыйбасы көрсөткөндөй, Европа өлкөлөрүндөгү муниципалитеттерди ирилештирген учурда калктын ЖӨБ органдарына болгон ишениминин төмөндөп кетүүсүнүн терс натыйжасы 25-30 жыл мурдагыга салыштырмалуу азыраак билинген. Мунун бир нече себеби бар:

- муниципалдык кызматчылар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көлөмүнө карабастан өлкө боюнча кесипкөй иштей башташты;
- маалыматты ыкчам жеткирген массалык коммуникациялар катуу өнүгүүдө;
- күнүмдүк жашоо образынын гомогенизациялануусу (бир өңчөй болуусу).

Анткен менен Кыргызстанда жогоруда айтылган үч көрүнүштүн ичинен экинчиси гана байкалууда – маалымат алмашуу күчөдү. Ошондуктан ирилештирүү тууралуу чечим кабыл алып жатканда жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон ишеним деңгээлин сактап калуу үчүн кошумча чараларды да ойлонуштуруш керек.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жеткиликтүүлүгү.** Кыргыз Республикасында транспорттук инфраструктура жана интернет байланышы көп жакшы өнүкпөгөн элет жергелеринде бул чоң көйгөйгө айланышы мүмкүн. Айыл өкмөтүнө чейинки жол аралыгы алыскы айылдарда жашаган адамдарга тоскоолдук жаратууда. Санариптик байланышты жакшыртууга жана коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн электрондук формаларын өнүктүрүүгө мамлекеттик инвестицияларды салуу менен бул маселени чечүүгө болот.




**Жергиликтүү жамааттардын иденттүүлүгү.** Чакан шаарларда жана айылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул административдик маселелер менен алектенүүгө боло турган гана жер эмес. Бул ошондой эле коомдук турмуш кайнаган жер. Ал жергиликтүү иденттүүлүк сезимин берет. Мындай жамааттарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну жок кылуу жергиликтүү коомдук турмушка зыян келтириши ыктымал.

**Өз үнүн жеткире албай калуу коркунучу.** Жергиликтүү жамаат үнүн жеткире албай калуудан коркот. Мисалы, бюджеттик инвестициялар бөлүштүрүлүп жатканда муниципалдык борбор көңүл сыртында калтырып коюшу ыктымал деп коопонот. Бүгүнкү күндө мындай көйгөй ири борбордук айылдан жана бир нече алыскы чакан айылдардан турган айылдык аймактардын деңгээлинде бар: негизги инвестициялар борбордук айылга салынып, чакан айылдардын кызыкчылыктары көңүл сыртында кала берүүдө. Ирилештирүү учурунда айыл башчыларынын статусун көтөрүп, ирилештирилген ЖӨБдүн курамындагы айылдарга жалпы бюджеттен белгилүү бир көлөмдөгү каражатты да кошумча бөлүп туруш керек.

**Жаңы (бириктирилген) муниципалитеттин аймактары ортосундагы жаңжалдар.** Мындай жаңжалды пайда кылышы мүмкүн болгон кырдаалдын кадыресе мисалы: негизги шаар менен борбордук шаарга бириктирилип жаткан чакан шаардын ортосунда тиреш пайда болушу ыктымал. Кыргыз Республикасында калыптанып калган уруучулдук стереотиптер, «тигил же бул уруунун кызыкчылыгы корголбой калды» деген сезимдин пайда болушу бул кырдаалды тереңдетиши мүмкүн. Өзгөчө бул кырдаал кошуна жайгашкан моноэтностук айылдарда түзүлүшү ыктымал. Эгерде алар бирдиктүү полиэтностук муниципалитеттерге чогуу жашоо салт-санаалары жок эле бириктирилсе, кырдаал курчушу мүмкүн (мисалы, кошуна кыргыз жана өзбек айылдык аймактарды бир муниципалитетке бириктирүү өңдүү көрүнүш).

**Көзгө урунган терс натыйжа фактору.** Ирилештирүүнүн терс жактары ошол замата эле көрүнөт, ал эми артыкчылыктары убакыт өткөндөн кийин гана билинет. Муну менен катар белгилей кетүүчү дагы бир жагдай бар: жашоочулар эч кандай реформаларга ишенбей калышкан. Мындан улам ошол заматта эле администрациялык-аймактык түзүлүштөрдү өзгөртүүнүн себептери тууралуу эң эле начар тыянак чыгарышы ыктымал. Реформа Кыргызстандын жалпы калкына таасирин тийгизгендиктен нааразычылык бийликтин жогорку тепкичтерине да жетиши ыктымал. Калкта бийликке болгон ишеним ойдогудай жогору болбогондуктан, реформанын маңызын көп жакшы түшүнбөгөндүк элди жаңы башаламан иш-аракеттерге түртүшү ыктымал деген тобокелдик бар.

**Өткөөл мезгилде экономикалык жоготуулар.** Реформаны жүргүзүүгө кеткен чыгымдар административдик мүнөздөгү чыгымдар менен гана чектелип калбайт. Башкача айтканда, жаңы аймактардын пайда болуусуна, райондордун жана айыл өкмөттөрдүн биригүүсүнө байланышкан кайра түзүүлөргө, маалыматты жайылтууга, ошондой эле бул реформадан утулуп жаткан тараптарга дем берүүчү чараларга олуттуу каражат талап кылынат. Мисалы, баштапкы этабында административдик борбор менен алыскы айылдын ортосундагы айырманы азайтуу үчүн бул айылдын инфраструктурасына олуттуу мамлекеттик инвестицияларды салуу керек. Ошондой эле өзүнүн финансы каражаттарын жаңы гана кошулган дотациядагы айылдарга бөлүп берүүгө мажбур болгон бакубат муниципалитеттердин да нааразылыгын басууга акча талап кылынат.

## РЕФОРМАНЫ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ПАЙДА БОЛЧУ ТОСКООЛДУКТАРДЫ ЖЕҢҮҮ ҮЧҮН ШАРТТАР

- Ирилештирүүгө «макулдардын» жана «каршылардын» жүйөлөрүн карап жатканда эң маанилүү нерсе – кескин чараларды көрбөш керек. Ашыкча фрагментация да, ашыкча консолидация да көйгөй жаратышы ыктымал.
- Жогоруда баяндалган тоскоолдуктарды жеңүү үчүн төмөнкүдөй чараларды караштыруу зарыл:
- Өзгөрүүлөрдү жасай турган «башкаруучу борбор» түзүлүшү керек, анын башкаруучулук принциптеринин жана аспаптарынын толук топтому, иштелип чыккан иш-аракеттер топтому бар болушу керек.
- Адамдар реформанын мазмунун терең түшүнүшү керек, б.а., реформа ар бир конкреттүү калктуу конуш үчүн кандай конкреттүү пайда алып келээрин так билиши абзел. Бул өзгөрүүлөр талкууланып, жалпысынан калктуу конуш боюнча 80% учурда, ар бир калктуу конушта жашоочулардын 70 пайыздан ашыгынын макулдугу менен кабыл алынышы керек.
- Ирилештирүүгө байланыштуу кызмат ордун бошото турган муниципалдык жетекчилерди жана кызматчыларды башка иштерге которуу пландалып, аларды кайра окутуу үчүн шарттар камсыздалышы керек.
- Улуттук башкаруу органдарын башкаруунун жаңы технологияларына жана өз алдынчалуулукка багыт алган ЖӨБ менен байланыш түзүүнүн ыкмаларына үйрөтүү иши пландалууга тийиш.
- Масштабдуу маалыматтык өнөктүк жүргүзүлүп, бул реформа кандай максатта жасалып жатканы, калк мындан кандай пайда табаары так жана мүмкүн болушунча түшүнүктүү түрдө жеткирилиши керек.
- Аткаруу аппаратынын жаңы милдеттери иштелип чыгып, кызмат ордунан көтөрүлүү, дем берүү катары кабыл алына тургандай абалга жеткирилиши керек.
- Чек аралаш аймактарда реформага байланышкан тобокелдиктер өз-өзүнчө каралып, талданып чыгууга тийиш.



# Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

***Жергиликтүү жамаатта жашоо – ар бир жарандын анын эркине жана каалоосуна көз каранды болбогон тагдыры. Адам өз ыктыяры менен элден безип турмуш кургусу келгенде гана жамааттан обочо жашай алат. Бирок мындай дербиштик турмушту тандап, адамдардан алыс жашагысы келгендер саналуу гана. Ар бирибиз өз жашообузда көптөгөн ролдорду ойнойбуз. Биз ата-эне, бала, өмүрлүк жубай, жаран, Жер планетасынын жашоочусу катары ролдорду ойноп турганыбызды унутпашыбыз керек. Мындан тышкары биз жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн ролун да ойношубуз керек. Мына ушул ролдун башка социалдык ролдордой эле эки тарабы болот – укуктар жана милдеттер. Бирок милдеттер тууралуу адатта эстегибиз да келбейт. Ошондуктан Өнүктүрүү саясат институту ЖӨБЭММАнын буйрутмасы менен Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери тууралуу Эскерткичти даярдады. Бул Эскерткич Кыргыз Республикасынын ар бир жаранына пайдалуу болот деген ишенимдебиз. ӨСИ Эскерткичти талкуулоого жигердүү катышкан эксперттер А.МАДЕЮЕВ, А. ЧЕКИРОВ, В. БАЛТАБАЕВА жана башкаларга терең ыраазычылыгын билдирет.***

***Өнүктүрүү саясат институту ЖӨБЭММАнын буйрутмасы боюнча даярдады***

**Бектурган ОРОЗБАЕВ,**
**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
Өнүктүрүү саясат институту

## Жергиликтүү жамааттын мүчөсү ким?




Жергиликтүү жамаат – администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандарынын тобу (2011-жылдын 15-июлундагы №101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык). Жалпак тил менен айтканда, жергиликтүү жамаат – бир шаардын же айылдын аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү кеңештер, мэрия жана айыл өкмөтү аркылуу чогуу жашоого байланышкан маселелерди биргелешип чечкен жарандардын тобу.

Айылдык аймактын же шаардын территориясында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналат.

Жарандар жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө карабастан, түздөн-түз жана өз өкүлдөрү аркылуу дагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга бирдей укуктарга ээ.

**Шаардын же айылдын аймагында жашаган эркектер жана аялдар жергиликтүү жамааттын мүчөсү катары бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ.**

# Жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн жалпы укуктары




Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасында эркин жүрүүгө, кала турган жана жашай турган жерди тандоого;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте жергиликтүү жамааттын мүчөлүгүнөн өз ыктыяры менен чыгууга;
- жамааттын башка мүчөлөрү тарабынан коомдук тартипти, жергиликтүү жамааттын Уставынын эрежелерин бузган учурда, алардан мыйзамдардын, Уставдын аткарылышын, коомдук тартипти сактоону жана укук бузууларды токтотууну талап кылууга, зарыл болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана укук коргоо органдарына кайрылууга;
- жамааттын жашоо шартын жакшыртуу максатында өткөрүлгөн коомдук пайдалуу, демөөрчүлүк иш-чараларына (ашарларга, ишембиликтерге, демөөрчүлүк акцияларына, иш-чарараларга, марафондорго) катышууга;
- ЖӨБ органдарынан укуктук консультацияларды алууга.

*КР Конституциясынын, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын, Жергиликтүү жамааттын Уставынын ж.б. ченемдерине ылайык*

# Жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн мүлктүк жана экономикалык укуктары




Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- Айыл чарба жерлери боюнча мамлекеттик фонддун (АЖМФ) жерлерин, муниципалдык жерлерди жана муниципалдык менчикте турган башка мүлктү берүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөргөн тооруктарга (аукциондорго жана конкурстарга) катышууга;
- бардык жеңилдиктерди, анын ичинде жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү үчүн белгиленген салыктык жеңилдиктерди пайдаланууга.

*КР Жер кодексинин, КР Салык кодексинин, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» КР Мыйзамынын ж.б. ченемдерине ылайык*

# Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн саясий укуктары



Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга жана добуш берүүгө;
- микрорайондордун, турак жай комплекстеринин, үй, көчө, кварталдык комитеттеринин, жамааттардын (общиналар) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка формаларында кеңештер жана комитеттер түрүндө аймактык коомдук өз алдынча башкарууну түзүүгө;
- коомдук бирикмелерге (жаштар комитеттерине, аялдар кеңештерине, аксакалдар кеңешине, ыктыярдуу элдик кошуундарга, коомдук-профилактикалык борборлорго (КПБ), жайыт пайдалануучулардын бирикмелерине, ТСКАКБга, СПАга ж.б.) мүчө болууга же аларды түзүүгө.

*«Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Жайыттар жөнүндө», «Суу пайдалануучулардын бирикмелери (ассоциациялары) жана суу пайдалануучулар ассоциацияларынын союздары жөнүндө», «Ичүүчү суу жөнүндө», «КРда укук бузууларды болтурбоо жөнүндө» ж.б. КР мыйзамдарынын ченемдерине*

# Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугу



Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- мыйзамдарда жана жергиликтүү жамааттын Уставында белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин токтомдорунун долбоорун демилгелөөгө;
- жергиликтүү маанидеги ченемдик укуктук актыларды талкуулоого жана кабыл алууга катышууга;
- жергиликтүү бюджетти түзүүгө катышууга, ошондой эле жергиликтүү бюджеттен иш жүзүндө сарпталган каражаттар тууралуу маалымат алууга;
- жамааттын муктаждыктарын изилдеп, аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен чогуу чечүү үчүн демилгелүү топторду түзүүгө;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн инвестицияларды тартуу максатында долбоордук документтерди иштеп чыгууга;
- жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын, калкты социалдык коргоо программаларын жана бул боюнча иш-аракеттер пландарын даярдоого катышууга;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү жамаатка кызмат көрсөткөн башка уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын ишмердигине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышууга;
- айылдык чогулуштарга, курултайларга, коомдук угууларга, жергиликтүү кеңештин ачык сессияларына жана жергиликтүү кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйналыштарына катышууга, ал жерде өз пикирин ээн-эркин билдирүүгө жана жергиликтүү маанидеги маанидеги маселелер боюнча сунуш киргизүүгө;
- муниципалдык ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилигинин макулдугу менен алардын чогулуштарына катышууга, ал жерде өз пикирин ээн-эркин билдирүүгө жана жергиликтүү маанидеги маанидеги маселелер боюнча сунуш киргизүүгө.

*КР Бюджеттик кодексинин ченемдерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамына, Жергиликтүү жамааттын Уставына ж.б. ылайык.*

# Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн маалыматка жетүү укугу



Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, муниципалдык мекемелерде жана уюмдарда өзү тууралуу маалыматтар менен таанышууга;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, муниципалдык уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын карамагында болгон маалыматты (мамлекеттик купуя сырга кирген, ошондой эле жашыруун маалыматтарды жана кызматтык сырды кошпогондо) оозеки же жазуу түрүндө суратып алууга;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү кеңештин депутаттары бир жыл же жарым жыл ичинде жасаган иштердин жыйынтыктары тууралуу маалыматты сурап жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына оозеки же жазуу түрүндө кайрылууга;
- муниципалдык менчиктеги мүлк объекттеринин реестриндеги маалыматты, ошондой эле муниципалдык мүлккө, муниципалдык мүлктү менчиктештирүү планына байланышкан бүтүмдөр тууралуу маалыматты эркин алууга.

*КР Конституциясынын, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «КР мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматтарга жеткиликтүүлүк жөнүндө», «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР мыйзамдарына ж.б. ылайык.*

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу укуктарын чектөөгө тыюу салынат жана сот тартибинде даттанууга жатат.**

# Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жалпы милдеттери




Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө карабастан төмөнкүлөрдү жасоого милдеттүү.

- жергиликтүү жамааттын Уставынын талаптарын бекем сактоого;
- жергиликтүү жамааттын башка мүчөлөрүнүн укуктарын жана эркиндигин урматтоого;
- жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этностук тиешелүүлүгүнө, динге мамилесине, жаш курагына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан жергиликтүү жамааттын башка мүчөлөрүн басмырлоого жол бербөөгө;
- этностук жамааттардын маданиятынын өзгөчөлүктөрүнө толеранттуу болууга;
- этностук маанайдагы өңүткө өтүп кетүү ыктымалы бар социалдык жана башка мүнөздөгү жаңжалдардын алдын алуу боюнча укук коргоо органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтүүгө.

*КР Конституциясынын, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «КРда укук бузууларды алдын алуу жөнүндө» КР мыйзамдарынын, Жергиликтүү жамааттын Уставынын ж.б. ченемдерине ылайык*

# Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн мүлктүк жана экономикалык милдеттери



Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жергиликтүү кеңеш жана мыйзамдар менен киргизилген салыктарды жана жыйындарды өз убагында төлөөгө;
- айлана-чөйрөгө, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнө аяр мамиле жасоого;
- муниципалдык менчикке аяр мамиле жасоого;
- калктуу конуштарда мал жаюунун эрежелерин, ветеринардык-санитардык ченемдерди сактоого, айдоолорду майкандоого, талаадагы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жыйналган түшүмүн керектөөдөн чыгарууга же жок кылууга, бакдарактарга зыян келтирүүгө жол бербөөгө;
- үй жаныбарларын жана канаттууларды кармоо эрежелерин сактоого;
- калктуу конуштун ичинде санитардык ченемдерди сактоого жана тиричилик калдыктарын (таштандыны) атайын бөлүнгөн жерге таштоого (таштанды контейнерлерине) же мындай контейнерлер болбогон учурда таштанды чыгаруунун графигин бекем сактоого; туш келди жерде таштандынын пайда болуусуна жол бербөөгө; калктуу конушта жалпы пайдалануучу жерлерде тазалыкты сактоого;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген эрежелерди (ичүүчү сууну, сугат сууну, жайыттарды, жергиликтүү көрүстөндөрдү ж.б. пайдалануу эрежелерин) сактоого;
- таштанды чыгаруу үчүн бекитилген тарифке ылайык алган кызмат көрсөтүүлөр үчүн, ичүүчү жана сугат сууну пайдалангандыгы ж.б. үчүн өз убагында акы төлөөгө;
- көрктөндүрүлгөн жерлерди коргоо тартибин сактоого;
- жол коопсуздугун жана автотранспорт каражаттарын пайдалануу тартибин сактоого.

*КР Бузуулар жөнүндө кодексинин; КР Жосундар жөнүндө кодексинин, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө», «Жайыттар жөнүндө», «Ветеринария жөнүндө», «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» ж.б. КР Мыйзамдарынын ченемдерине ылайык*

**Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Жергиликтүү кеңештин Уставы менен гана чектелген эмес. Ошондуктан адамдын жана жарандын жалпы таанылган башка укуктарын жана эркиндигин четке кагууга же азайтууга болот деп түшүнбөш керек.**

# Бул эскерткич кимге даректелген?

АР БИР АДАМГА. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны конкреттүү шаарда же айылда, конкреттүү көчөдө жашайт. Өлкөнүн жараны катары укуктарга жана милдеттерге ээ болуу менен бирге, ар бир адам ошол эле маалда конкреттүү көчөнүн, айылдын же шаардын жашоочусу катары укуктарга жана милдеттерге да ээ болот. Ушул укуктардын жана милдеттердин айрымдары мыйзамдарда жазылган, айрымдары моралга, элдин даанышмандыгына жана жүйөлүү мааниге таянат. Алар жөнөкөй жана түшүнүктүү болгону менен, айлана-чөйрө дагы да ыңгайлуу болушу үчүн кандай эрежелерди сакташ керектигин көптөр унутуп коюшат. Мисалы, кеңири маанисинде жатакананын эрежелерин сакташ керек. Бул коомдун мүчөлөрүнүн өз ара мамилесин жөнгө салган бардык социалдык ченемдерди сакташ керек дегенди билдирет. Андан да тар маанисинде жергиликтүү жамааттын эрежелери – бул бирге жашоонун эрежелери: айлана-тегеректи булгабаш керек, өзүңдүн, өзгөнүн жана жалпынын мүлкүн сакташ керек, өз үйүңдүн жана тегерегиңдеги аймактын тазалыгын сакташың керек, кошуналарга көйгөй жаратпаш керек, өз шаарыңдын жана айылыңдын өнүгүүсүнө салым кошууга умтулуш керек. Совет доорунун баалуулуктар системасында мунун баары «советтик жатакананын эрежелери» – юридикалык күч менен камсыздалбаган, жазылган жана жазылбаган мыйзамдардын жыйындысы деп аталчу[1].


[1] СССРдин Конституциясы советтик жарандарды мыйзамдарды, б.а. укуктук ченемдерин аткарууга милдеттендиргенден тышкары, жарандарга укуктун ченемдерде бекитилбеген социалисттик жатакананын эрежелерин урматтоо милдетин да жүктөгөн (СССР Конституциясынын 130-беренеси).

Жаңы реалдуулук бул эрежелерди жокко чыгарган жок. Себеби алардын баары адамды, анын укуктарын жана эркиндигин сыйлоого багытталган. Өнүгүүгө умтулган бардык өлкөлөрдө мындай жатакана эрежелери тигил же бул формасында, кандайдыр бир даражада сөзсүз түрдө болот. Анткен менен, Кыргыз Республикасынын азыркы жергиликтүү жамааттары бул эрежелерди жакшы билбейт жана сактабай келет. Бир жагынан рынок экономикасы адамды биринчи кезекте өз капчыгын ойлогонго түртсө, экинчи жагынан өз милдеттерин начар аткарган, дайыма эле компетенттүү боло албаган башкаруу органдары да кыжырды келтирүүдө. Бирок сый мамилени сактап, ынтымактуу жашоо ар бир адамга көз каранды: таштандыны туш келди ыргытпа, короонду, көчөнү шыпырып кой, сейил бактагы отургучту талкалаба, түнкүсүн ызы-чуу салба, өз шаарыңа жана айылыңа пайда алып келчү ишти ойлоп таап, аны жаса.

Жарандар өз укуктарын коргой баштаганда, мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдары да жамааттын талаптарын аткара башташтат. Бирок укуктардын бар болгону ал автоматтык түрдө сактала баштайт дегенди билдирбейт. Ошондуктан ар бир жаран өз укуктарын билип, алардын сакталышына көз салып турушу керек. Бирок укуктун жанында эле милдеттер да турат. Ошондуктан укуктарыңызды сактоону талап кылып жаткан учурда өзүңүзгө бир суроону узатып көрүңүзчү: «А мен өз милдеттеримди аткардымбы?».

***Адеп-ахлактуулуктун ченемдерине, элдин даанышмандыгына жана жүйөлүү пикирге ылайык***

# Өз укуктарыңды сактагың келеби? Анда өз милдеттериңди да аткар!



| УКУК | МИЛДЕТ |
| --- | --- |
| Жергиликтүү бюджетти башкарууга катышуу | Салыктарды өз убагында жана толук көлөмдө төлөө |
| Көйгөйлөрдү жергиликтүү өнүгүү планына киргизүү | Көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун сунуштоо |
| Ичүүчү жана сугат сууну алып туруу | Суу үчүн өз убагында жана толук көлөмдө төлөө |
| Таза шаарда же айылда жашоо | Таштанды жыйноо жана чыгаруу үчүн убагында төлөп туруу, айлана-тегеректи булгабоо жана көрүнгөн жерди таштандыга айландырбоо |

# Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге жогорку билим тууралуу талапты коюу жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо коомдук байкоочулардын статусу

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору менен таанышып чыгып, төмөнкүдөй сунуштарды берет.

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер үчүн билим деңгээлинин чеги

Мыйзам долбоору менен «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренесинин 4-бөлүгүнө толуктоолор киргизилип жатат. Аларга ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаты жалпы орто билимден төмөн эмес билимге ээ болушу керек деген талап коюлган.

КР Конституциясына ылайык, жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары болуп саналат, алар жергиликтүү бюджеттерди бекитет, алардын аткарылышын контролдойт; жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык коргоонун программаларын бекитет; жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечет. Өз милдеттерин талаптагыдай деңгээлде аткара алышы үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттары тийиштүү билимге да ээ болушу керек.

Ушул тапта жергиликтүү кеңештердин депутаттары кабыл алган чечимдердин сапаты ойдогудай эмес. Көп учурда бул талап кылынган билимдин жоктугу менен шартталып жатат. Айталы, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын олуттуу бөлүгү – 40 пайыздан ашыгы орто же орточо-атайын билимге ээ. Кыргыз Республикасындагы мектептеги жана орточо-атайын билим берүүнүн деңгээлин эсепке алуу менен, бул депутаттардан мамлекеттик башкарууда компетенттүүлүктү күтүү оңой эмес маселе. Ал эми депутаттардын калган бөлүгүнө башкаруу тууралуу билим жетишпей жатат. Ошону менен катар өлкөдө жергиликтүү кеңештердин депутаттарын окутуунун кандайдыр бир формасы жок. Мунун баары кеңештердин жана жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуу иши үчүн олуттуу тоскоолдуктарды жаратып жатат.

Ошону менен катар башка бир мыйзам долбоорунда[1] «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 42, 48-беренелерине толуктоолорду киргизүү сунушталып жатат. Бул толуктоолор менен шаар мэри, айыл өкмөт башчысы үчүн жогорку билимдин болушу тууралуу талаптар коюлган. Буга байланыштуу, ошондой эле жарандардан түшкөн көптөгөн кайрылууларды жана сунуштарды эсепке алуу менен, «жергиликтүү кеңештин депутаты жалпы орто билимден төмөн эмес билимге ээ болушу керек» деген талапты «жогорку билимге ээ болушу керек» дегенге алмаштырууну сунуш кылабыз.

## Шайлоодо байкоочулар үчүн чектөөлөр тууралуу

Шайлоодо байкоочуларга коюлган талапка карата Мыйзам долбоорунда «Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоодо байкоочу боло албайт» деп көрсөтүү сунушталып жатат. «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, мамлекеттик органда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында административдик кызмат ордун ээлеген адамдар мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчы болуп саналат. Бул сүйлөм саясий муниципалдык кызмат орундарына тиешелүү эмес. Демек, жергиликтүү кеңештин депутаты, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органанын башчысы өңдүү саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар шайлоодо байкоочу боло алышат. Бул жерде бир нерсени тактоо зарыл: кандай себептерден улам Мыйзам долбоорунда жергиликтүү кеңештердин депутаттары байкоочу боло албайт, ал эми шаарлардын мэрлери жана айыл өкмөт башчылары байкоочу боло алат деп сунушталып жатат? Ушундай эле кырдаал саясий мамлекеттик кызмат орундарына байланыштуу да түзүлдү. КР ЖӨБ Союзу «мамлекеттик кызматчы», «муниципалдык кызматчы», «мамлекеттик жарандык кызматчы», «саясий кызмат орду» деген түшүнүктөрдү чечме-

[1] «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам чыгаруу актыларына («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө», «Борбордун статусу жөнүндө», «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоору

леген мыйзамдарды эсепке алуу менен, Мыйзам долбоорун толук иштеп чыгууну сунуш кылат.

### Шайлоодо коомдук байкоочулар

Мыйзам долбоору менен «Коомдук байкоочулар жөнүндө» Мыйзамдын 81-беренесин толуктоо сунушталып жатат. Ошону менен катар, толукталып жаткан берененин текстинде коомдук байкоочулардын укуктары «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 7-беренесинде каралган байкоочулардын укуктарын кайталап жатат. Мында эки укук кошулган эмес – «ары-бери эркин жүрүү жана кайсы гана болбосун шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларында болуу» жана «өзү жиберилген шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте даттануу». Коомдук байкоочу жасабашы керек болгондор расмий байкоочу жасабашы керек болгонду толугу менен кайталап жатат.

### Шайлоо фонддорунун каражаттарынын эсебинен сатып алынган товарлар

Мыйзам долбоору менен Мыйзамдын 15-беренесинин 12-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталып жатат:

«Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана пайдаланылат:

1) шайлоо алдындагы үгүткө багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыз кылууга;

2) ушул Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо күрөөсүн төлөөгө;

3) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан иштерди аткаргандыгы, кызмат көрсөткөндүгү үчүн төлөөгө, атап айтканда:

- маалыматтык жана консультативдик мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөргө;
- үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга;
- жайлардын, жабдуулардын ижарасына;
- транспорттук жана иш-сапардык чыгымдарды жабууга;
- байланыш кызматтарына;
- кеңсе товарларын, жабдууларды сатып алууга;
- жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяларды жарыялоого жана талапкердин чыгып сүйлөөсүнө;
- шайлоо алдындагы чогулуштарды өткөрүүгө, шайлоочулар менен ж»лугушууга».

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 15-беренесинин 12-бөлүгүнүн 3-пунктунда кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштар гана эмес, товарлар да саналгандыктан, «үчүн төлөөгө» деген сөздүн алдында «товарларды жеткирүү» деген сөздү кошуп, бул пунктту толуктоону сунуш кылабыз. Ошондой эле «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын ушул өңдүү башка беренелерине да өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл». M

## Маршруткаларда эл толуп калгандыктан, башталгыч класстардын окуучулары мектепке жөө барып келүүгө мажбур. Мектеп транспорт каттамын уюштуруп бере алабы?

КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга» ылайык, мектептердин имараттары адамдар жашаган зонада, ишканалардын, курулмалардын жана башка объекттердин санитардык-коргоо зоналарынан, гараждардан, автобекеттерден, автомагистралдардан, темир жол транспортунун объекттеринен, метрополитенден, аба транспортунун учуу жана конуу маршруттарынан тышкары жайгашуусу зарыл.

Шаардык жалпы билим берүү уюмдарын долбоорлоодо жана курууда мекемелерге жөө жетүү аралыгы 0,5 километрден ашпашы керектиги каралат. Айыл жергесинде жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары үчүн жөө басып жетүү төмөнкүнү түзөт:

- билим берүүнүн 1-тепкичинин окуучулары үчүн - 2,0 кмден көп эмес;
- билим берүүнүн 2 жана 3-тепкичинин окуучулары үчүн - 3,0 кмден көп эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн аралыктарда айыл жергесинде жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарында окуган окуучулардын жалпы билим берүү уюмдарына чейин барып жана кайра келүүлөрү үчүн транспорт каражаты менен тейлөө зарыл. Бир тарапка жол жүргөн убакыт 30 мүнөттөн ашпашы керек. Үйдөн топтолуу жайга чейинки аралык 500 метрден кем болбоосу зарыл (6-12-п.п.).

Буга байланыштуу «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 36-беренесине ылайык, балдарды жалпы билим берүү уюмдарына жана алардын иш жүзүндө жашаган жерлерине жеткирүүнү уюштуруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирет.

Мындан тышкары «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 21-пунктуна ылайык, муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына өткөрүлүп берилген. Мындан улам айылдык аймактын же шаардын калктуу конуштарынын чегинде иштеген коомдук транспорттун ишин координациялоо аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары балдарды мектепке жана алардын иш жүзүндө жашаган жерлерине жеткирүүнү уюштуруу маселесин карап чыгып, аны чечүүгө укуктуу.

# ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ

**«Муниципалитет» журналынын бул санында Өнүктүрүү саясат институтунун юристтери элеттик мектептерге, окуучуларга жана алардын ата-энелерине тиешелүү суроолорго жооп беришет.**

## Мектепте ысык тамак жок. Муну ким камсыз кылышы керек жана мектептеги тамактандырууга эмнелер кирет?

Бул маселе төмөнкүдөй ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат:

- 2002-жылдын 27-июнундагы №111 «КРнын жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучуларды тамактандырууну уюштуруу жөнүндө» КР Мыйзамы;
- 2006-жылдын 12-июлундагы №372 «КРнын жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучуларды тамактандырууну уюштуруу жөнүндө» КР Президентинин Жарлыгы;
- КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №673 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучуларды тамактандырууну уюштуруу жөнүндө» токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №170 «Жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-(башталгыч) класстарынын окуучуларынын тамактануусун уюштурууну жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому.

Мыйзам КР Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүүчү мектептеринин тутумунда окуучуларды тамактандырууну уюштуруунун тартибин аныктайт. Мыйзамга ылайык, шаардык жана айылдык жалпы билим берүүчү мектептеринин окуучуларын тамактандыруу алар билим алган жерде уюштурулат.

Башталгыч класстардын (I-IV класстардын) ар бир окуучусуна эртең мененки тамакка 200 гр. сүт жана токоч берилет. Ошону менен бирге сүт менен токочту энергетикалык баалуулугу боюнча ушундай эле болгон башка ичимдикке жана ар түрдүү нанга алмаштырууга болот.

1-4-класстардын окуучуларын тамактандырууга кеткен каражат республикалык бюджеттен бөлүнөт. Бишкек жана Ош шаарларындагы жалпы билим берүүчү мектептеринин 1-4-класстарынын окуучуларын тамактандыруу тийиштүү шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринин эсебинен төлөнөт.

Ата-энелер комитетинин чечими боюнча мектеп ашканаларында акы төлөнүүчү үстөлдөргө уруксат берилет (витаминдүү, чай ж.б.). Мындай азыктар (жер-жемиш салаттары, соктор, чайлар, майда булочка-нан азыктары ж.б.) чектелүү түрдө сатылат. Алар окуучунун тамактануу рационун толуктап турат.

Мектеп ашканаларынын ишине контролду ата-энелер комитети, медицина кызматкерлери, мектептин администрациясы жана билим берүү бөлүмдөрү жүзөгө ашырат.

Мындан тышкары КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №170 «Жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-(башталгыч) класстарынын окуучуларынын тамактануусун уюштурууну жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому менен, КР Билим берүү жана илим министрлигине тизмеге киргизилген жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4 (башталгыч) класстарынын окуучулары үчүн ысык тамак берүүнү жана нан-булочкаларды бышырууну уюштуруу боюнча чараларды көрүү тапшырылды.

1-4-класстын окуучулары үчүн ысык тамак берүүнү жана нан-булочкаларды бышырууну уюштуруу боюнча бекитилген тизмеге ылайык, ушул тапта республикадагы 135 жалпы билим берүүчү мектепте бул иш уюштурулган.

Ысык тамак берүүнү ишке ашырууга байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине тийиштүү жылдарга каралган каражаттардын чегинде жумшалат.

## Жазгы жана күзгү талаа иштери башталган маалда көпчүлүк окуучуларды ата-энелери талаа жумуштарына алып кетет. Бул болсо балдардын мектепте билим алуусуна тоскоолдук жаратууда. Ата-энелердин мындай аракеттери мыйзамдуубу?

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси балдар эмгегин пайдаланууга тыюу салат. Жалпысынан Кодекстин 15-беренеси төмөнкүлөргө тыюу салат:

- баланын ден соолугуна коркунуч туудурган же анын билим алуусуна тоскоол болуучу же болбосо анын ден соолугуна, дене-тарбиялык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирген кандай болбосун жумуштарга баланы кабыл алууга

же аткаруу үчүн тартууга тыюу салынат.

- балдардын эмгегин анын эң начар көрүнүштөрүнүн формаларында эксплуатациялоого, ошондой эле менчигинин формасына карабастан, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, дыйканчылык жана фермердик чарбаларда кандай болбосун формадагы балдардын мажбурлаган эмгегине тыюу салынат.
- эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу иштерде, жер астындагы иштерде, түнкү убактарда, ошондой эле аткаруу балдардын ден соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон иштерде (оюн-зоок бизнесинде, көңүл ачуучу мекемелердеги түнкү жумуштарда, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, баңгизаттарды жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өндүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.
- балдардын алар үчүн белгиленген нормадан ашык оор нерселерди көтөрүүлөрүнө, ташууларына жана жылдырууларына тыюу салынат.

Балдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган жумуштардын тизмеги, ошондой эле оор нерселерди көтөрүүнүн нормаларынын чеги КР Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

Мындан тышкары КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга» ылайык, окуучуларды 18ден жаш адамдарга иштөөгө тыюу салынган зыяны бар же кооптуу шарттардагы жумуштарды иштетүүгө, ошондой эле санитардык түйүндөрдү жана жалпы колдонуу жерлерди тазалатууга, терезелерди жана чырактарды жуудурууга, чатырдагы карды түшүртүүгө жана башка ушуларга окшогон иштерди иштетүүгө тыюу салынат (195-п.).

Жалпы билим берүү уюмдарынын бардык жайлары күндөлүк нымдуу жуучу каражаттар менен тазаланууга тийиш. Дааратканалар, ашканалар, вестибюлдар, рекреациялар ар бир танапистен кийин нымдуу тазаланууга тийиш.

Окуу жана көмөктөшүү жайлары сабактар аяктагандан кийин окуучулар кеткенде терезелерин жана фрамугдарын ачып коюп тазаланат. Эгерде жалпы билим берүү уюму эки сменада иштесе, анда ар бир смена аяктагандан кийин тазаланат: полдору жуулат, чаңдаган жерлердин чаңы сүртүлөт (терезелердин алдындагы тактайлар, радиаторлор ж.б.). Билим берүү уюмунун жайлары бир суткада бир жолудан кем эмес тазаланууга тийиш. Жалпы билим берүү уюмунда колдонуу боюнча нускамаларды сактоо менен жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонушат. Пол жуу үчүн дезинфекциялоочу эритмелерди так эле колдонуунун алдында окуучулар жок болгондо ажатканаларда даярдалат.

Мектептин аймагы таза кармалышы керек. Аймактар күн сайын окуучулар аянтчаларга чыга электе тазаланат. Аба ырайы ысык жана кургак болуп турганда аянтчалар жана чөптүн үстү сейилдөөлөрдүн жана спорттук машыгуулардын башталаарына 20 мүнөт калганда сугарылат. Кышында аянтчалар жана жөө жүргүнчүлөр үчүн жолдор кардан жана муздан тазаланат.

Таштандылар капкактары бекем жабылуучу таштанды чогулткучтарга чогултат жана алардын көлөмүнүн 2/3 бөлүгү толгондо тиричилик калдыктарын алып чыгуу келишимине ылайык катуу тиричилик калдыктарынын полигонуна чыгарылат. Контейнерлер (таштанды чогулткучтар) бошотулгандан кийин аларды белгиленген тартипте уруксат берилген дезинфекциялык каражаттар менен тазалоо зарыл. Таштандыларды жалпы билим берүү уюмдарынын аймагында жана контейнерлердин ичинде өрттөөгө тыюу салынат.

Жыл сайын (жазында) бадалдар коosдолуп кыркылат, жаш, кургап калган жана майда бутактары кыйылат. Окуу жайлардын терезелерин жаап калган же табигый жарыгынын чектелген көрсөткүчүн төмөндөткөн бийик бактар болсо, аларды кыюу же бутактарын кыркуу иш-чаралары жүргүзүлөт (211-230-п.).

Окуучуларга ашкананын өндүрүш жайларына кирүүгө тыюу салынат. Окуучуларды тамак даярдоо, жашылчаларды тазалоо, даяр тамакты ташуу, нан тууроо, жайларды тазалоо менен байланышкан жумуштарга тартууга тыюу салынат (301-п.)

## Жаштардын жамааттын жашоосуна катышуусун жана мектеп администрациясы менен диалог жүргүзүүсүн жакшыртуу максатында мектепте жашыруун каттар үчүн кутучаны орнотсо болобу?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары мектеп администрациясын жашыруун каттар үчүн кутуларды орнотууга милдеттендирбейт. Бирок окуучулардын мектептин турмушуна катышуусун жакшыртуу, окуучулардын пикирин билүү жана алар менен диалог жүргүзүү үчүн, коррупцияга каршы туруу максатында ж.б. мектептин администрациясы жашыруун каттар үчүн кутуларды, ишеним телефондорун жана башкаларды орното алат. Камкорчулар кеңеши, ата-энелер чогулушу, жалпы билим берүүчү мектептин педагогикалык жамааты, ошондой эле окуучулар бул маселе боюнча демилге көтөрө алышат.

# ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо – эмнелерди баалайбыз?

**Медет СУЛТАНБАЕВ, Э**ҮЖӨБОЖ Долбоорунун МжБ боюнча адиси

ЖӨБ органдарынын натыйжалуулугуна баа берилиши керек деген пикирге айылдык аймактын жашоочулары да, ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын өздөрү да, эксперттер да кошулат. ЖӨБ органдарынын натыйжалуулугун баалоонун максаты – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун оптималдуу моделин түзүү[1]. Бул моделде алдын ала белгиленген мүнөздөмөлөр болуп, алар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттын муктаждыктарына жооп берет. Ар кайсы өлкөлөр ЖӨБдүн эң эле оптималдуу моделин түзүүгө аракет жасап келатышат. ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоону аспап катары караш керек. Бул аспаптын жардамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзүнүн алдына койгон максаттарга канчалык жеткени өлчөнөт. Ушул жерде эки суроо жаралат: ЖӨБ канчалык натыйжалуу жана жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруудан күткөндөрү канчалык акталууда?

ЖӨБдүн натыйжалуулугун баалоону иштеп чыгып, аны өткөрүүнүн актуалдуу дагы бир нерсеге байланыштуу болуп турат: Кыргызстанда ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү азырынча толук иштелип чыга элек[2]. Буга чейин даярдалып, киргизилген Калктын ишеним индекси[3] элдин ЖӨБ органдарына карата ишеним деңгээлин баалабайт, изилдөөнүн объектиси катары айылдык аймактар үчүн индекстин жыйынтыктары бөлүп берилген эмес. Айрым жамааттарда айыл өкмөтүнүн паспорту[4] боюнча ЖӨБ органдарынын отчеттуулук системасы бир аз жакшыраак иштелип чыккан. Бирок бул да жетишсиз болууда. Мындан ары иштин натыйжалуулугун баалоонун негизи катары үч усулду алса болот – эксперттик баалоо, максаттуу топторду баалоо жана натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү. Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөр системасы алдыга коюлган максаттарга жетүү деңгээлин чагылдырат. Ал эми мониторинг жана баалоо системасы башкаруу процессине баа берет.

Бул макалада ЖӨБдүн натыйжалуулугунун көрсөткүчтөр системасына сереп жасайбыз. Бул система ЖӨБ органдарын мыкты жыйынтыкка жетүүгө шыктандырып, ошол эле кезде аларды «көрсөткүчтөрдүн оң динамикасы үчүн ат чабыштан» оолак кылат.

ЖӨБ органдарынын натыйжалуулугун баалоого жарандар, кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланган бенефициарлар, мамлекеттик уюмдар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрү да кызыкдар. Суроо мындай: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун кантип баалаш керек? ЖӨБ органдарынын ишиндеги натыйжалуулуктун кандай өңүттөрүн баалаш керек – финансылык, башкаруучулук, экономикалык же укуктук өңүттөрү бааланабы? Же түрдүү өңүттөрдүн жыйындысын комплекстүү баалоого зарылчылык барбы? Практикада ЖӨБ органдарынын ишиндеги өңүттөрдүн кандайдыр бир жыйындысы бар. Бул бир кыйла татаал процесс, ал эми алынган жыйынтыктар талаштуу бойдон кала берүүдө. «Суу түбүндөгү таш» – ар кандай топтор үчүн ЖӨБдүн ишиндеги ар кандай өңүттөр өтө чоң мааниге ээ: текшерүү органдары үчүн – финансылык өңүт, бизнес үчүн экономикалык, аярлуу топтор үчүн социалдык жана башка. Бирок 40 же андан ашык көрсөткүчтөр боюнча адекваттуу баалоону туруктуу өткөрүп туруу мүмкүн болбойт. Анда артыкчылыкты кимге бериш керек? Азырынча бир гана жооп бар – баарынан маанилүү топту тандап алып, ушул топтун керектөөлөрүнө жараша натыйжалуулукту баалоо тууралуу отчет даярдаш керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча практикттерде ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо боюнча түрдүү көз караштар жана методикалар бар. Мында көрсөткүчтөр системасы өзгөчө маанилүү аспап болуп эсептелинет. Мисалы, Орусияда көрсөтүчтөр системасы 40 көрсөткүчтөн турат, ал эми деталдаштырылган көрсөткүчтөр менен кошо бул көлөм 60 көрсөткүчкө чейин жетет. Кырк көрсөткүч – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрү өлчөш үчүн жетиштүү сан. ЖӨБ органдарында бул үчүн потенциал дайыма эле боло бербейт. Натыйжалуулукту эсептеп чыгуу жамааттын мүчөлөрүнө да, мониторинг жүргүзгөн топко да оор. Иштин натыйжалуулугун эсептөө методикасы

---

1 Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: бүгүн, эртең жана 20 жылдан кийин

2 КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 25-мартындагы №147 Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө токтому

3 КР Улуттук статистика комитетинин сайты: http://www.stat.kg/ru/indeks-doveriya-naseleniya/

4 Теплоключенка айыл өкмөтүнүн сайты: http://teplokluchenka.org.kg/ru/ajylnyj-ajmak/

атүгүл ЖӨБ органдарынын кызматкерлери үчүн да бир кыйла оор болуп калууда. Бул болсо жергиликтүү бюджеттин эсебинен тыштан адистерди тартуу маселесин кабыргасын коюп жатат. Бирок бул үчүн акча тартыш. Көрсөткүчтөрдүн көп санда болушу натыйжалуулукту эсептөө ишин татаалдаштырып, натыйжалуулук түшүнүгүн бүдөмүк кылып жатат. Буга байланыштуу натыйжалуулуктун көрсөткүчтөр топтомун кыскартып, унификациялоо ыкмасы изделүүдө.

Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөр системасын даярдап жатканда башат чекити катары Маслоу пирамидасын[1] колдонгон вариант да бар. Себеби жамаат мүчөлөрүнө ыңгайлуу шарттарды түзүп, алардын базалык муктаждыктарын канааттандыруу ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугунун жыйынтыгы болот эмеспи. Мында негизги басымды экономикалык жана башкаруучулук багыттарга эмес, социалдык багытка жасаш керек. Экономикалык жана башкаруучулук багыттар маанилүү болгону менен, алар жамааттын өнүгүүсүнүн соңку көрсөткүчү болуп бербейт.

Баалоонун натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнө жасалган анализ[2] көрсөткөндөй, алар ЖӨБ органдарына карата тышкы мүнөзгө ээ, бирок алардын ички натыйжалуулугун баалабайт. Ошондуктан коомдук мониторинг өңдүү баалоонун тиби тууралуу сөз болуп жатат. Анын жыйынтыктары көбүрөөк коомчулукту маалымдоого эсептелген. Мисалы, калктын көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануусу, бюджеттик каражаттардын колдонулушу ж.б. Натыйжалуулуктун, өзүнө өзү баа берүүнүн ички баалоосу менен натыйжалуулуктун тышкы баалоосу айкалышса, бул ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугу тууралуу ишенимдүү жана тең салмактуу маалыматты бере алмак. ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугуна тышкы жана ички баа берүү үчүн индексти иштеп чыгуу азыр да актуалдуу маселе бойдон кала берүүдө. Кыргызстанда баалоо үчүн бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышына байланышкан мониторингдик отчеттор көбүрөөк колдонулуп келатат[3].

Дагы бир маанилүү суроо: көрсөткүчтөрдү ким түзөт жана анда кимдердин кызыкчылыктары чагылдырылган? Ар бир максаттуу топ төмөнкүлөрдү көргүсү келет: ошол топтун кызыкчылыктарынан алып караганда ЖӨБ органынын ишинин натыйжалуулугу кандай болот? Мына ушул жерден ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугунун максаттуу көрсөткүчтөрү пайда болот, алар кайсы бир максаттуу топко тиешеси боюнча натыйжалуулукту чагылдырат. Анализ көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн калк же кызмат көрсөтүүлөрдүн бенефициарлары эмес, адатта эксперттер түзүшөт. Бул натыйжалуулукту аныктоо маселесинде түрдүү топтордун компетенттүүлүгүнө байланыштуу болууда. Эксперттер чыгаша, киреше, ресурстарды башкаруу ж.б. өңдүү объективдүү көрсөткүчтөргө көбүрөөк ыкташат. Ал эми жашоочулар жана бенефициарлар кызмат көрсөтүүлөргө канааттангандык даражасы өңдүү субъективдүү көрсөткүчтөргө ыктап турушат.

Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүн түзүүгө карата эки ыкманы эске ала жүрсө болот: жигердүү – мында жашоочулар же бенефициарлар өздөрү натыйжалуулукту түзөт же бул ишке катышат; жана пассивдүү – дагы да кесипкөй ыкма, мында көрсөткүчтөрдү эксперттик топтор түзүшөт. Биринчи ыкма саясатчыларга, экинчиси башкаруучуларга көбүрөөк жагат десек болот.

Анализ көрсөткөндөй, мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарынын натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн түзүүгө көбүрөөк багыт алышкан, булар кандайдыр бир деңгээлде ЖӨБ органдарын мамлекеттик түзүмдөрдөн көз каранды кылып коюуда. Натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн түзүүдө бенефициарлардын да, эксперттердин да жигердүү катышуусун айкалыштыруу комплекстүү ыкмага айланмак. Мындай ыкма натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн түзүүнүн эки баскычын караштырат. Биринчи баскычында ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн кесипкөй эмес жамаат – бенефициарлар, айыл тургундары түзүшөт. Бул жамаат мүчөлөрү үчүн түшүнүктүү болгон базалык көрсөткүчтөр болот. Кийинки этабында дифференцияланган көрсөткүчтөрдү эксперттик жамаат түзүп чыгат. Андан соң натыйжалуулук көрсөткүчтөрү биротоло тандалып алынып, бул система түзүлүп, ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо практикасына киргизилмек.

ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо көрсөткүчтөрүнүн системасын киргизүү кандай пайда алып келет? Биринчиден, жамаат мүчөлөрү, эксперттер, мамлекеттик уюмдар ж.б. үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин сапатын өлчөй турган аспап пайда болот. Экинчиден, муниципалдык статистиканын өнүгүүсүнө дем берилет, маалыматтардын топтому жана сапаты оңолот. Үчүнчүдөн, айылдык аймактарды алардын ишинин натыйжалуулугу боюнча классификациялоо мүмкүнчүлүгү пайда болот. Мунун натыйжасында дотацияда турган жана дотацияда болбогон айылдык аймактар арасында мамлекеттик ресурстар калыс бөлүштүрүлөт; дем берүүчү гранттарды берүү, «Мыкты айыл өкмөтү» наамына жалпы мамлекеттик конкурсту өткөрүү, ЖӨБОнун мыкты жетекчилерин сыйлоо тартиби ирээтке келет. Төртүнчүдөн, ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилиги жогорулайт. Бешинчиден, айыл өкмөт башчыларынын ишин калыс баалоо жана өнүгүүнүн көрсөткүчтөрүнүн негизинде божомол түзүү үчүн мамлекеттик администрация башчыларында башкаруучулук аспап пайда болот.

---

1 Маслоу А. Мотивация жана инсан. 3-глава. «Базалык муктаждыктарды канааттандыруу».
2 КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 25-мартындагы №147 Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө токтому.
3 Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча методикалык окуу китеби. КР Финансы министрлиги, 2015-жыл.

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги каржылаган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Чакан гранттар программасы жергиликтүү жамааттардын жашоосун өзгөрттү

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун экинчи фазасын ишке ашыруунун алкагында 2015-жылдан 2019-жылга чейинки аралыкта Чакан гранттар программасы боюнча 70 гранттык долбоор ишке ашырылды. Анын ичинде 32 долбоор Чүй облусунда, 14 долбоор Нарын облусунда жана 24 долбоор Ош облусунда ишке ашырылды. 70 долбоорду каржылоонун жалпы суммасы 96 115 921 сомду түздү. Анын ичинде 69 700 000 сомго гранттык каражат жана жергиликтүү бюджеттен 26 415 921 сом же жалпы суммадан 28% кош каржылоого бөлүндү.

Чүй, Нарын жана Ош облустарында 70 гранттык долбоордун ишке ашырылышы 628 450 элеттик тургунга, анын ичинде 39% аялга пайда алып келип, жашоосун өзгөрттү.

Долбоордун жардамы менен чечилчү маселелердин арасында сап башында мектептеги шарттарды жакшыртуу (долбоордун 30%) жана мектепке чейинки билим берүү (долбоорлордун 20%) маселелери турду.

21 мектепте төмөнкүдөй жумуштар жасалды: жылытуу системасы оңдолду; ашканада ремонт жасалды; жыгач терезелер пластикке алмаштырылды; эмеректер (парталар, такталар) сатып алынды, мектеп ашканасы үчүн жабдуулар, компьютердик жабдуулар, интерактивдүү такталар ж.б. алынды. Натыйжада элеттик мектептерде билим алган балдар үчүн шарттар жакшыртылды. Балдар мурдагыга салыштырмалуу көп оорубай калышты, кыш мезгилинде сабактан калгандардын саны азайды, билим берүүнүн көрсөткүчтөрдү жогорулады.

14 бала бакчада төмөнкүдөй жумуштар жасалды: имараттар оңолду; имаратка улай салынган жайлар, отургучтар жана дааратканалар курулду; эмерек, төшөк-жууркандар, компьютердик жабдуулар, идиштер жана ашкана жабдуулары сатып алынды. Натыйжада мектепке чейинки билим берүү боюнча кызмат көрсөтүү жакшыртылды, кошумча тайпалар ачылды, бала бакчага барган






балдардын саны көбөйдү, шарттар оңолгондуктан балдар мектепке даяр болуп бара башташты.

Он муниципалитетте ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк боюнча шарттар жакшыртылды, суу түтүк колонкалары орнотулду, насос станциялары оңдолду, эски суу түтүктөрү алмаштырылды. Натыйжада жашоо шарттары оңолду, ичүүчү суу үйгө да бериле баштады.

Алты муниципалитет үчүн катуу тиричилик калдыктарын (мындан ары – КТК) чыгаруу үчүн атайын техника сатып алынды. Эми бул муниципалитеттердин алдында КТК чыгаруу боюнча калкка кызмат көрсөткөн муниципалдык ишкананы ачуу, тарифтерди эсептеп чыгуу өңдүү бир катар тапшырмалар турат. Айылда таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн сапаты бир кыйла оңолду.

Беш муниципалитетте маданият үйлөрүн оңдоп чыгышып, музыкалык аспаптарды сатып алып, бий жана аспаптарды ойногонду үйрөткөн ийримдер ачылды. Мунун натыйжасында маданий эс алуу үчүн шарттар түзүлдү.

Беш муниципалитетте спорт залдар оңдолуп, жаңы чакан футбол аянтчалары курулду. Мунун натыйжасында элеттиктерге сергек жашоо үчүн шарттар түзүлдү.

Төрт муниципалитетте көчөлөрдү жарыктандыруу үчүн прожекторлор орнотулду. Ошентип айылдардагы жашоо да өзгөрө баштады.

Үч муниципалитетте инфраструктура жакшыртылып, айыл өкмөтүнүн имаратында ремонт жасалды. Мунун натыйжасында айыл өкмөттүн имаратында калк үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты оңолуп, муниципалдык кызматчылар үчүн да шарттар жакшыртылды.

Бир муниципалитетте ички жолдор оңдолду. Дагы бир муниципалитетте болсо маалыматтык борборду ачуу менен калк үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгү жакшыртылды.

***Султан МАЙРАМБЕКОВ,***
Долбоорунун гранттар боюнча адиси

| Аткарылган долбоорлордун багыттары | Долбоорлордун саны | Жалпы сумма, сом менен | Грант, сом менен | Жергиликтүү бюджеттен кош каржылоо, сом менен |
|---|---|---|---|---|
| Мектептеги билим берүү | 21 | 29 448 704 | 20 700 000 | 8 748 704 |
| Мектепке чейинки билим берүү | 14 | 16 810 778 | 14 000 000 | 2 810 778 |
| Ичүүчү/Сугат суу/Суу түтүк түйүнү | 10 | 13 320 648 | 10 000 000 | 3 320 648 |
| Көчөлөрдү жарыктандыруу | 4 | 5 268 515 | 4 000 000 | 1 268 515 |
| Маданият | 5 | 6 292 801 | 5 000 000 | 1 292 801 |
| Спорт | 5 | 6 405 556 | 5 000 000 | 1 405 556 |
| Ички жолдор | 1 | 1 100 000 | 1 000 000 | 100 000 |
| Атайын техника/КТК | 6 | 12 569 000 | 6 000 000 | 6 569 000 |
| Инфраструктура | 3 | 3 799 919 | 3 000 000 | 799 919 |
| Маалымат | 1 | 1100000 | 1000000 | 100 000 |
| Баары | 70 | 96 115 921 | 69 700 000 | 26 415 921 |
| Баары, % | | 100 | 72% | 28 % |









# Жарандык бюджетти түзүү үчүн WEB-тиркеме: аны кантип колдонуш керек?

2019-жылдын апрель айынан июлга чейин Ысык-Көл, Чүй, Нарын жана Ош облустарынын айылдык аймактарынын жана шаардык муниципалитеттеринин ЖӨБ органдарынын финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн башчылары үчүн бир күндүк тренингдер өттү. Иш-чарага ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин райондук башкармалыктарынын жетекчилери да катышты. Төрт облустагы ЖӨБ органдарынын окуудан өткөн катышуучуларынын жалпы саны 525 адам болду. Алардын ичинен 308и - аялдар.

Азамат МАМЫТОВ, тренер, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун муниципалдык финансы боюнча адиси: «Жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджетти түзүү үчүн WEB-тиркеме ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында иштелип чыкты. Бул WEB-тиркеме жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык жарандык бюджетти түзүү боюнча ишин жеңилдетүү максатында иштелип чыккан. Ошондой эле WEB-тиркеме «Жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджетти түзүү методикасынын» негизинде даярдалды. Бул Методика 2017-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин №166-Б буйругу менен бекитилген. Тренингдин практикалык бөлүгүндө бардык зарыл болгон маалыматтар WEB-тиркемеге киргизилет. Андан соң адамдарда өзүнүн айылдык аймагынын жарандык бюджети менен таанышып алуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Сайттын дареги: http://gb.minfin.kg».

Тренингдердин программасына ылайык, катышуучулар жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулоо жана аны аткаруу боюнча коомдук угууларды уюштуруп, өткөрүү тууралуу кошумча маалыматка ээ болушту. Өткөрүлгөн тренингдердин жыйынтыгы боюнча маалыматтарды тиркемеге киргизүүнүн графиги түзүлдү. Ал эми айрым муниципалитеттердин ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун талкуулоо боюнча коомдук угуулардын маалында http://gb.minfin.kg сайтынан диаграммаларды жана башка маалыматтарды колдоно алышты.

Тренингдерди ЭҮЖӨБОЖ Долбоору, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана бул министрликтин Окуу борбору, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) менен биргелешип уюштуруп, өткөрүштү.





# Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттын жигердүүлүгүн кантип камсыздайбыз?

Нарын жана Ош облустарынын элеттик муниципалитеттеринен 170тен ашык адам «Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жана бюджеттик процесске катышууда жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жигердүүлүгү жана жоопкерчилиги» деген темадагы бир катар тренингдерге катыша алышты. Иш-чаралар 2019-жылдын июнь айында ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында өткөрүлдү. Тренингдерге ЖӨБ органдарынын кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, Долбоордун максаттуу[1] жана максаттуу болбогон муниципалитеттериндеги жергиликтүү жамааттардын лидерлери жана жигердүү өкүлдөрү катышты.

Анара МУСАЕВА, тренер, ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун жарандардын катышуусу боюнча адиси: «Тренинг жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана бюджеттик процесске катышуу боюнча дараметин жогорулатуу максатында өткөрүлдү. Тренингдин жүрүшүндө катышуучуларга жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана бюджеттик процесске катышуусунун мыйзамдык базасы, жарандардын ЖӨБго жана бюджеттик процесске катышуу укуктарын ишке ашыруу механизмдери тууралуу маалыматтар берилди. Ошондой эле тренингдин катышуучулары жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана бюджеттик процесске эффективдүү катышуусу боюнча көндүмдөрдү үйрөнүштү. Көбүрөөк натыйжага жетүү үчүн программада «Жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсү» деп аталган чакан топтордо иштөө үчүн сессия да каралган. Чакан топтордогу иштин жыйынтыгы боюнча ЖӨБ органдары бир маанилүү көрүнүштү баса белгилешти: идеалдуу образ менен чыныгы кырдаалдын ортосунда чоң айырма бар. Мындан улам идеалдуу ЖӨБ органын түзүү үчүн жалпы процессти пландап, уюштурганды үйрөнүш керек. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүүгө жана жарандардын ЖӨБго катышуусуна өзгөчө көңүл бурушту. Көнүгүүлөрдү аткарып жатканда тренингдин катышуучулары, өзгөчө ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруудан чындап эмнелерди күтүп жатканын көрө алышты. Мындан тышкары ЖӨБ органдары өздөрү да адистер менен депутаттардын билим деңгээли жана даярдыгы ойдогудай деңгээлде болбогонун, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө каражат тартыш экенин, бул болсо алардын ишинин жыйынтыгына таасирин тийгизип жатканын белгилешти. Ал эми ЖӨБдүн идеалдуу образын түзүүдө АӨ башчысы чоң ролду ойнойт эмеспи. Башчынын кесипкөй даярдыгынан жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессин уюштуруу көндүмдөрүнөн жергиликтүү жамааттагы жашоо көз каранды. Айыл өкмөтү менен айылдык кеңештин кызматташтыгы да маанилүү ролду ойнойт».



Өткөрүлгөн тренингдердин натыйжасында катышуучулар 2020-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларга катышуу үчүн маалыматтарды өз алдынча чогулта алышты (веб-сайтка кирип, маалымат менен таанышуу үчүн маршрутту чийип чыгышты), жарандык бюджет менен таанышышты, коомдук угууга эффективдүү катышуу үчүн жарандык бюджетке суроолорду даярдашты. Тренингдин катышуучулары ошондой эле ЖӨБ органдарынын ишине оң баасын берип, идеалдуу образ менен чыныгы кырдаал ортосундагы айырмага анализ жүргүзүү зарыл экенин белгилешти. Ошондой эле түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жаткан маалда идеалдуу образ менен чыныгы кырдаалдын ортосундагы айырманы азайтуу үчүн жергиликтүү жамааттагы кадыр-барктуу адамдарды тартуу сунуш кылынды. Ошондой эле тренингдин катышуучулары маданий иш-чараларды өткөрүп жатканда жарандардын маданий тарбиясына көңүл бөлүүнү да сунуш кылышты.

Катышуучулардын айтымында, ушул өңдүү тренингдер демилгелерди таап чыгууга, аларды ишке ашыруу үчүн ресурстарды табууга жардам берет. Мисалы, Ак-Тал айыл өкмөтүнүн башчысы Эркин САТАРОВ буларды айтты: «Бардык тараптар бир маселенин үстүнөн чогуу иш алып барган учурда көп нерсеге жетсе болот. Бизде ишке ашкан демилгелер абдан көп жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча пландар да бар. Идеалдуу ЖӨБ органынын жана идеалдуу жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн портретин түзүп жаткан маалда анализ учурунда өзүбүздүн мүмкүнчүлүктөрүбүздү жана кемчиликтерибизди

[1] http://vap.kg/ru/geography/phase_2/

көрө алдык». Мындан тышкары катышуучулар күнүмдүк турмуш менен алек болуп жүрүп, идеалдуу жана реалдуу кырдаал ортосундагы ажырымды ошол заматта эле көрө албай жатканын белгилешти: «Жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн жана ЖӨБ органдарынын имиджин калыптандырууда жергиликтүү жамааттын мүчөсү катары мен көп нерсени жасашым керек. ЖӨБ органдары ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылууга тийиш. Ал эми жашоочулар айыл өкмөтүнүн сунуштарына ачык болушу керек», - деп айтты Үгүт айылдык аймагынын жергиликтүү жамаатынын мүчөсү Г. АБДЫКАЛЫКОВА Г.

Анализ жүргүзүп жатканда катышуучулар муниципалитеттин башчысын туура тандоо менен жергиликтүү ресурстарды колдонуп, же инвесторлорду тартып, көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүн болоорун белгилешти. Айталы, Ак-Кыя айылдык аймагында жаңы айыл өкмөт башчы жаштардын башын бириктирип, эки футбол аянтчасынын курулушу боюнча маселени чечип берген. Бул маселе бир жарым жылдан бери чечилбей келаткан эле. Ошондой эле жашоочулар бош убактысын өткөрө ала турган сейил бак ирээтке келтирилген. Мындан тышкары тренингде кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү кетирген кемчиликтер БМжБ тобунун ишинин натыйжасында оңдолгону айтылды. Дагы бир мисал айтылды: жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү бюджетти башкаруу боюнча алган билимин колдонуп, максатсыз пайдаланылган акчаны бюджетке кайтара алышкан. Ошондой эле ийгиликтүү жана сабаттуу өткөрүлгөн маалыматтык өнөктүктүн натыйжасында жергиликтүү жамаат коомдук иш-чарага жигердүү катышкан окуя тууралуу да сөз болду. Ал эми бир аймакта артыкчылыктуу көйгөйдү чогуу аныкташып, атайын техника сатып алышкан. Мунун натыйжасында муниципалдык ишкана түзүлүп, таштанды жыйноо жана чыгаруу маселеси ийгиликтүү чечилген.

# Беш облустун ЖӨБ органдарынын башчылары жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистер билимин тереңдетишти

2019-жылдын июнь жана июль айларында Нарын, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарынын аймагында айыл өкмөт башчылары жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистер үчүн семинарлар өттү. Бул семинарлар «ЖӨБ органдарынын ишиндеги актуалдуу маселелер. Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууну башкаруу» деген темада өттү.

Семинарлардын уюштуруучулары: КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик, КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаменти, КР Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгы жана Швейцария Өкмөтү Швейцариянын Өнүгүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу каржылап, Өнүктүрүү саясат институту аткарган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоору (мындан ары – Долбоор).

Баары болуп 16 семинар өттү, аларга 613 адам, анын ичинде 162 аял катышты:

Ысык-Көл облусу: 117 адам, алардын ичинен 39 аял;

- Нарын облусу: 106 адам, алардын ичинен 34 аял;
- Жалал-Абад облусу: 110 адам, алардын ичинен 22 аял;
- Ош облусу: 152 адам, алардын ичинен 10 аял;
- Чүй облусу: 128 адам, алардын ичинен 57 аял.

Бектурган ОРОЗБАЕВ, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун улуттук деңгээлде иштөө боюнча программалык менеджери: «Семинарлар ЖӨБ органдарынын башчыларына жана сатып алуулар боюнча адистерге ар тараптуу билим берүү максатында уюштурулду. Семинарлар теориялык өңүттөрдү, мыйзамдардагы талаптарды, заманбап ыкмаларды жана тенденцияларды, ошондой эле мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыкты практикаларды камтыды. Семинарларда ЖӨБ чөйрөсүндө, ошондой эле ЖӨБОнун ишинде пайда болуп турган актуалдуу маселелерди чогуу талкуулоо үчүн ЖӨБЭММАнын өкүлдөрү менен сессиялар өткөрүлдү. Иш-чараларга ШИИБ, РИИБ өкүлдөрү жана Монополияны жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин, Мамлекеттик кадр



кызматынын өкүлдөрү тартылды. Ал эми КР Финансы министрлигинин эксперттери катышуучулардын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү билимин тереңдетишти. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерин түшүндүрүүгө, мамлекеттик сатып алууларды пландоого, сатып алууларды жүзөгө ашырууда конкурс өткөрүүгө өзгөчө көңүл бурулду» .

Семинарлардын практикалык бөлүгүн КР Финансы министрлигинин эксперттери өткөрүштү. Мында сатып алуулар боюнча адистер үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча расмий порталында иштөөгө убакыт бөлүндү. Семинардын бул бөлүгүндө 2019-жылдын 11-январындагы №4 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы, 2019-жылдын 26-июнундагы №76 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы менен киргизилген жаңы өзгөрүүлөр чечмеленип берилди. Ошондой эле семинарлар теориялык өңүттөрдү, мыйзамдардагы талаптарды, заманбап ыкмаларды жана тенденцияларды, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыкты практикаларды камтыды. Мамлекеттик сатып алууларды пландоого жана мамлекеттик сатып алууну жүзөгө ашырууда конкурстарды өткөрүүгө өзгөчө басым жасалды. Бул сессиянын жыйынтыгында катышуучулар электрондук порталда конкурстук өтүнмөлөрдү каттоо, жайгаштыруу боюнча практикалык көндүмдөргө ээ болушту.

# Өнөктөш эмгекти баалады




Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын потенциалын күчтөндүрүүгө кошкон салымы үчүн, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырып, жайылтууга көмөк көрсөткөнү үчүн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин күнүндө ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Ардак грамотасы менен сыйланды.

Ардак грамота салтанаттуу түрдө 23-июнда Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин күнүнө арналган иш-чарада тапшырылды.

Өз кезегинде Өнүктүрүү саясат институту өнөктөшүнө – КР Мамлекеттик кадр кызматына көп жылдык үзүрлүү кызматташтык үчүн ыраазычылыгын билдирип, Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү жамааттардын жана башкаруу органдарынын адамдардын татыктуу жашоого укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруусуна көмөк көрсөтүүнүн үстүнөн ишти уланта берээрин билдирет.

# 2020-2025-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү Стратегиясынын долбоору талкууланды

2019-жылдын 17-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында 2020-2025-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү стратегиясынын долбоору талкууланды.

Тегерек стол талкуусуна Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Аалы КАРАШЕВ, Кыргыз Республикасынын Президенттик аппаратынын, Жогорку Кеңештин аппаратынын өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын жетекчилиги жана өкүлдөрү, мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү боюнча Консультациялык-эксперттик кеңештин мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын жетекчилиги жана өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын статс-катчылары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун (Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун, Өнүктүрүү саясат институтунун) өкүлдөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттары катышты.





КР Мамлекеттик кадр кызматынын директорунун милдетин аткаруучу Бакытбек САГЫНБАЕВ Стратегиянын структурасы тууралуу айтып берди: «Жумушчу топтун сунушу боюнча, Стратегия эки бөлүктөн турат: 1) юридикалык документ катары Стратегиянын өзү, 2) Стратегияны ишке ашыруу боюнча толук, кеңейтилген план, анда мөөнөттөр, иш-чаралар жана механизмдер көрсөтүлгөн».

КР Жогорку Кеңешинин депутаты Аалы КАРАШЕВ катышуучуларга кайрылып, Стратегиянын долбоорун талкуулоого жигердүү катышып берүүнү өтүндү: «Эгемендик алган жылдардан бери биздин өлкө башкаруу системасын түптөп, өнүктүрүүнүн бир топ этаптарынан өттү. Бүгүнкү күндө ушул этаптардын жана биргелешкен күч-аракеттердин натыйжасында бизде «бирдиктүү мамлекеттик кызмат» деген түшүнүк бар. Ал өзүнө мамлекеттик жарандык, дипломатиялык, аскердик жана укук коргоо кызматтарын камтыйт. Азыр ойдогудай боло албай жатса да, маянаны баалоонун жыйынтыктары боюнча чегерүүгө жетише алдык. Мамлекеттик кызматкерлердин, мамкызматчылардын кесипкөйлүк деңгээли да баалоого жараша болот. Биз «бармак басты, көз кысты» принциптеринен алыстап, системадагы бардык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну уланта беришибиз керек. Биздин башкаруу системабыз компетенттүү болбогон жетекчилердин азабын тартып жатат. Алар ондогон жылдар боюнча орто звенодо иштеген тажрыйбалуу кызматкерлердин башын аттап, тааныш-билиштик боюнча кызматка келип алышууда. Мына ушундай жаңы дайындалган жетекчилерге алардын ишин үйрөтүүгө мажбур болуп жатабыз. Мындай болбошу керек! Мамлекеттик кызмат абройлуу, кадыр-барктуу болуп, анын кызматкерлери элдин ишенимине татыктуу боло тургандай деңгээлге жетишибиз керек».

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын ректору Алмазбек АКМАТАЛИЕВ: «Кээде «стратегияларды иштеп чыгуу – убакытты, күчтү жана акчаны текке кетирүү, мунун ордуна айлык акыны көбөйтүш керек» деген пикирлерди угуп калам. Бирок бизде концептуалдык элес болушу керек, бул үчүн бизге Стратегия зарыл».

Андан соң катышуучулар кесипкөй кызматтын бирдиктүү системасын түзүү; кызматты кесипкөйлөштүрүү тууралуу; кызматчылардын мотивациясын жогорулатуу тууралуу; кызматчылардын потенциалын жогорулатуу тууралуу; кызматчылардын этикасы тууралуу; жаңы технологияларды киргизүү тууралуу маселелерди талкуулашты. Тегерек стол талкуусунун жыйынтыгында элүүгө жакын сунуш, ой-пикир түштү. Уюштуруучулар бул сунуштар менен таанышып чыгып, Стратегиянын долбоорунун экинчи талкуусун даярдап жатканда колдоно турганын айтышты.

Иш-чараны Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоору уюштурду.

# Жергиликтүү кеңештерде аялдар үчүн милдеттүү квота 30% БОЛСУН!

Нарын, Ош жана Чүй облустарынын жергиликтүү жамааттары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөштөрү жергиликтүү кеңештерде аялдарга «ООБА» дешти.

2019-жылдын 11-июнь күнү Жогорку Кеңештин Конституциялык мыйзамдар боюнча комитети түзөтүүлөрдү камтыган мыйзам долбоорун жактырды. Бул мыйзам долбоору жергиликтүү кеңештерге шайлоодо мандаттардын бери дегенде 30% аялдарга берүүнү сунуш кылат. 27-июнда мыйзам долбоорун өлкөнүн Парламенти үчүнчү окууда кабыл алды. Ал эми 2019-жылдын 11-июль күнү мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентине кол коюуга жиберилди. Августта КР Президенти мыйзамга кол койду.

Мыйзам долбоорунун негиздеме катында шайлоого жүргүзүлгөн байкоонун жүрүшүндө аялдар шайлоого талапкер катары көп катышпай турганы




аныкталганы белгиленет. Айталы, акыркы он жылда жергиликтүү кеңештерде аялдардын үлүшү 24 пайыздан 11 пайызга чейин азайып кеткен. Аны менен катар аялдардын айылдык кеңештердеги санын көбөйтүүнү камсыз кылган механизмдер жок. Соңку үч жылда өлкө боюнча аял депутаттардын саны 11 пайыздан ашпай келет. Ушул тапта өлкө боюнча 8700 депутаттын миңге жетпегени гана аялдар. Жергиликтүү кеңештерде аялдардын санын көбөйтүү максатында мыйзам долбоору айылдык кеңештин депутаттарынын мандатынын 30 пайыздык резервин аялдар үчүн кармоо жана резерв болгон мандаттарды бөлүштүрүүнүн тартиби жөнүндө жобону сунуш кылат (59, 62-беренелер).

Бул маселеде өз пикирин билдирип, демилгени колдоо максатында Өнүктүрүү Саясат Институту (ӨСИ, www.dpi.kg) жарандарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн #жергиликтүүкеңештеаялдарболсун аттуу флэшмобго кошулууга үндөйт.

Нарын, Ош жана Чүй облустарындагы 35 айылдык аймакта өткөн тренингдердин, тажрыйба алмашуу боюнча иш-чаралардын, жергиликтүү бюджеттерди түзүү боюнча коомдук угуулардын катышуучулары чечкиндүү түрдө ООБА деп жооп беришти! Үч жүздөн ашуун эркек жана аял жергиликтүү кеңештерде аялдар БОЛСУН, 30% квота БОЛСУН дейт!



# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө кодекстин долбоорун иштеп чыгуу боюнча ведомство аралык жумушчу топ түзүлдү

Өкмөт Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексинин долбоорун иштеп чыгуу боюнча ведомство аралык жумушчу топту түздү. Тийиштүү буйрукка премьер-министр М. Абылгазиев кол койду.

Жумушчу топко 2019-жылдын 31-декабрына чейин Кодекстин долбоорун даярдап, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке өткөрүп берүү тапшырылды.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик 2020-жылдын 1-апрелине чейинки мөөнөттө Кодекстин долбоорун өкмөттүн кароосуна жибериши керек.

Ведомство аралык жумушчу топтун курамына ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекиев Бекболот Жапарович да кошулду (макулдашуу боюнча). Бекболот Бекиев Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодекстин долбоорун иштеп чыгуу боюнча ведомство аралык жумушчу топ кандай максатта түзүлгөнүн мындайча айтып берди: «Кодекс жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүн тикелей жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын тутумун бириктирип, үндөштүрө алат. Себеби иерархиясы жана юридикалык күчүнүн даражасы боюнча тармактык мыйзамдарга салыштырмалуу артыкчылыктарга ээ. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык маңызын терең түшүнбөгөндүк, аны мамлекеттик органдын төмөн турган, тармактык мыйзамдардагы бардык маселелерди аткарчу ыйгарым укуктуу аткаруу органы катары кабылдоонун кесепеттери билинип жатат. Көп учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарына карама-каршы келген, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү тармактык мыйзамдар да, атайын мыйзамдар да кабыл алынып, аларга өзгөртүүлөр киргизилип жатат. Мындан улам ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары финансылык жана административдик ресурстарсыз эле, эч жүйөсүз кеңейтилип жатат. Ошондой эле тармактык мыйзамдар КР Конституциясынын ченемдери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү атайын мыйзамдар менен макулдашылбай кабыл алынууда.

Бүгүнкү күндө республикадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу ар кайсы мезгилдерде иштелип чыккан жана кабыл алынган бытыранды ченемдик укуктук актылардын жалпы бир тутумунун негизинде иштеп жатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодекс булардын баарын бирдиктүү ченемдик комплекске бириктирип, системага салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп турат.

Мындан тышкары Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодекстин долбоорун иштеп чыгуу боюнча эксперттик топ жергиликтүү маанидеги маселелерди ирээттештирип, системага сала алат. Бул үчүн эксперттик топ жергиликтүү маанидеги маселелердин толук тизмесин түзүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кошумча ыйгарым укуктарын, ошондой эле мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын ажыратуунун негизинде ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды белгилеп берет.

Ошентип, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Кодексин иштеп чыгып, кабыл алуу төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарууга жол берет:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мындан кийинки өнүгүүсү үчүн укуктук негизди түзүүгө;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын стабилдүүлүгүн камсыз кылууга;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдерди бирдиктүү ченемдик комплекске бириктирүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдар менен тармактык мыйзамдар ортосундагы укуктук коллизияларды жана карама-каршылыктарды четтетүүгө;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди ирээттештирип, системага салууга, алардын толук тизмесин түзүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын тактоого, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүп берүүгө, ошондой эле ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды тактоого, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктоого;
- жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана милдеттерин, алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү тартибин өркүндөтүүгө жол берет.

M

# Өнүктүрүү саясат институтунун ЖАҢЫЛЫКТАРЫ



## Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында SDC «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоорунун (PSI) Экинчи фазасы башталды

2019-жылдын 11-июлунда Жалал-Абад шаарында, 18-июлда Каракол шаарында «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоорунун экинчи фазасы боюнча кириш семинарлар өттү. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана Кыргыз Республикасындагы ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту уюмдарынын консорциуму ишке ашырат (мындан ары – ЖДКЖ Долбоору).

Жалал-Абадда өткөн семинарга айыл өкмөтүнүн башчылары жана алардын орун басарлары, Өкмөттүн Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, Жалал-Абад облусундагы бардык сегиз райондук мамлекеттик администрациялардын (Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон, Ноокен, Сузак, Токтогул, Тогуз-Торо, Чаткал) башчылары, ЖӨБЭММАнын Жалал-Абад облусу боюнча өкүлү, ошондой эле долбоордун өкүлдөрү катышты. Катышуучулардын жалпы саны 89 адам болду.

Кириш семинарынын катышуучулары «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоорунун биринчи фазасынын негизги жыйынтыктары, Долбоордун экинчи фазасынын максаттары жана тапшырмалары менен таанышып чыгышты. Ошондой эле аларга регионалдык деңгээлде Долбоордун ишинин негизги багыттары, муниципалитеттердин Долбоорго катышуу шарттары/мүмкүнчүлүктөрү боюнча баяндама сунуш кылынды.

Семинардын жүрүшүндө Кеңеш жана Бешик-Жон айыл өкмөттөрүнүн башчылары сөз сүйлөштү. Алар кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жана жеткирүү боюнча өз тажрыйбасы, анын ичинде долбоордун пилоттук айыл өкмөтү катары тажрыйбасы менен да бөлүшүштү. Калкка кызмат көрсөтүүдө муниципалитеттер ортосундагы кызматташтыкка байла-



нышкан маселелер катышуучулардын өзгөчө кызыгуусун жаратты. Семинардын катышуучулары өз көйгөйлөрү, тынчсыздануулары менен бөлүшүп, суроолорду узатып, өнөктөш болуу мүмкүнчүлүктөрү жана анын шарттары боюнча талкууга жигердүү катышты. Долбоордун өкүлдөрү бардык суроолорго мүмкүн болушунча толук жооп берип, долбоордун алдыдагы төрт жылга пландалып жаткан иши тууралуу кеңири маалымат беришти.

Караколдо өткөн семинарга Ысык-Көл облусундагы айыл өкмөттөрдүн бардык башчылары, Өкмөттүн Ысык-Көл облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары, райондук администрациялардын башчылары, КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары, Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттигинин өкүлү, ошондой эле долбоордун өкүлдөрү катышты. Семинардын катышуучуларынын жалпы саны 71 адам болду.

Семинар Өкмөттүн Ысык-Көл облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Д.Ч. МОҢОЛДОРОВдун сөзү менен башталды. Андан соң ЖӨБЭММАнын директорунун орун басары М.К. БАЙДЫЛДАЕВ катышуучулар менен учурашып, өз сөзүндө жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн бул долбоордун маанисин баса белгиледи.

Долбоордун өкүлдөрү муниципалитеттердин экинчи фазадагы мүмкүнчүлүктөрү жана шарттары тууралуу кенен айтып беришти. Өз кезегинде семинардын катышуучулары долбоор менен мындан ары кызматташууга даярдыгын билдиришип, өнөктөштүктүн мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоого жигердүү катышышты. M



# Кыргызстандагы алты муниципалитет МСЗнын жардамы менен социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн КЭУну тарта баштады




2019-жылдын июль айында Чүй облусунун Ленин, Узун-Кыр жана Кызыл-Октябрь айылдык аймактары коомдук пайдалуу долбоорлорду (КПД) ишке ашырууга коммерциялык эмес уюмдардын арасында конкурс өткөрүштү. КПД артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган мамлекеттик социалдык заказдын алкагында ишке ашырылып жатат.

## Пландалып жаткан коомдук пайдалуу долбоорлордун темалары жана максаттары

### ЛЕНИН АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ

Темасы: «Балдарды жана жаштарды жергиликтүү жамааттын социалдык турмушуна тартуу жана адамдын потенциалын күчтөндүрүү, адамдар ортосундагы байланыш түзүү көндүмдөрүн жана жүрүм-турум маданиятын жакшыртуу аркылуу алардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсү үчүн шарттарды түзүү».

Долбоордун максаты: балдарды жана жаштарды жергиликтүү жамааттын социалдык турмушуна тартуу жана адамдын потенциалын күчтөндүрүү, адамдар ортосундагы байланыш түзүү көндүмдөрүн жана жүрүм-турум маданиятын жакшыртуу аркылуу алардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсү үчүн шарттарды түзүү.

Долбоордон күтүлгөн жыйынтыктар:

- Балдар жана жаштар өз ара баарлашуу көндүмдөрүн жакшыртып, коомдо өзүн алып жүрүү маданияты тууралуу билимин тереңдетишет.
- Балдар жана жаштар катылып жаткан таланттарын ачыкка чыгарып, өзүнүн адамдык потенциалын күчтөндүрө алышат.

### УЗУН-КЫР АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ

Темасы: «Балдар – биздин келечегибиз»

Долбоордун максаты: Бош убакытты пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу аркылуу өспүрүм курактагы балдардын дараметин ачуу, турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Долбоордун тапшырмалары: Балдардын дараметин ачууга, турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көмөк болчу иш-чараларды өткөрүү.

### КЫЗЫЛ-ОКТЯБРЬ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ

Темасы: «Балдар үчүн бош убакытты пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу»

Долбоордун максаты: Балдардын маданий жана интеллектуалдык өнүгүүсү, дараметин ачуу үчүн шарттарды түзүү.

Долбоордун тапшырмалары:

7 жаштан 15 жашка чейинки курактагы балдардын мектептен кийинки бош убактысын пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу

Балдардын дараметин ачып берүү.

2019-жылдын 17-июлунда Бишкекте «Гранттык комиссияны тандап алуунун жол-жоболору» деген аталышта тренинг өттү. Бул тренинг Чүй облусунун Узун-Кыр, Ленин жана Кызыл-Октябрь айылдык аймактарынын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, Ош жана Нарын шаардык мэриялары үчүн өткөрүлдү.

2019-жылы жогоруда аталган бардык муниципалитеттер коомдук пайдалуу долбоорлорду (КПД) ишке ашырууга коммерциялык эмес уюмдардын арасында конкурс жарыялап, аны өткөрүшкөн. КПД артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган мамлекеттик социалдык заказдын (МСЗ) алкагында ишке ашырылышы керек эле. Ушул тапта өтүнмөлөрдү кабыл алуу процесси жүрүп жатат. Анын жыйынтыгы боюнча жеңүүчү коммерциялык эмес уюм аныкталат. Бул КЭУ келечекте жергиликтүү маанидеги маселелерди (ЖММ) чечүүгө багытталган коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырмакчы.

Тренингдин жүрүшүндө катышуучуларга МСЗнын формалары, аны ишке ашыруунун тартиби, кулактандыруунун жана конкурстарды өткөрүүнүн жол-жоболору, Гранттык комиссияны түзүү жана анын иш тартиби, конкурсту өткөрүү, долбоордук сунуштарды баалоо, жыйынтык чыгаруу жана келишимдерди түзүү тууралуу маалымат берилди.

Жогоруда сөз болгон үч муниципалитеттин иш планына ылайык, 2019-жылдын 19-июлунда Бишкекте мамлекеттик социалдык заказдын (МСЗ) механизмин жайылтуу чөйрөсүндөгү эки маанилүү иш-чара өттү:

Чүй облусунун үч айылдык аймагы – Ленин, Узун-Кыр жана Кызыл-Октябрь АА жайгаштырган мамлекеттик социалдык заказдын алкагында долбоорлорду каржылоого конкурска катышууга кызыкдар болгон КЭУ өкүлдөрү менен маалымат берүүчү жолугушуу өттү;

Тренингге катышуу үчүн өтүнмөлөрдү даярдоо боюнча коммерциялык эмес уюмдардын (КЭУ) 12 өкүлү үчүн тренинг өттү.

Маалымат берүүчү жолугушуунун жүрүшүндө Ленин, Узун-Кыр жана Кызыл-Октябрь айылдык аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБО) өкүлдөрү катышуучуларга конкурска катышуунун жол-жоболорун жана талаптарын түшүндүрүп берип, катышуучулардан түшкөн суроолорго жооп беришти.

Иш-чаранын экинчи бөлүгүндө кызыкдар КЭУ үчүн «Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлорду тандап алчу конкурска катышуу үчүн өтүнмөлөрдү даярдоо» деген темада тренинг өттү. Тренингдин алкагында КЭУ катышуучулары тренер менен чогуу төмөнкү суроолорду карап чыгышат:

- Мамлекеттик социалдык заказ деген эмне?
- Коомдук пайдалуу долбоор деген эмне жана КЭУ аны ишке ашырууга кантип катыша алат?



- Муниципалитеттер МСЗнын алкагында КЭУнун жардамы менен кандай социалдык маселелерди чече алышат?
- МСЗнын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлорду аткарууга өтүнмөнү кантип толтуруп, кантип тапшырыш керек?
- КЭУну карап чыгуунун жана тандап алуунун кандай жол-жоболору бар?

Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн өкүлү Бактыгүл АЙДАРБЕКОВА катышуучуларга Ысык-Ата районундагы Узун-Кыр айылдык аймагындагы МСЗ долбоору тууралуу кенен айтып берди: «Бул жылы коомдук пайдалуу долбоорду ишке ашыруу үчүн МСЗ долбоору боюнча жергиликтүү бюджеттен 250 миң сом бөлүндү. Бул долбоор өспүрүм курактагы балдардын дараметин ачып, алардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүн уюштуруу аркылуу турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөдү. Калктын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыгын аныктоо боюнча жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, 12 жаштан 18 жашка чейинки курактагы балдар өзгөчө камкордукка муктаж экен. Ушул тапта мындай топторго 250 бала кирет, алардын 120сы – эркек балдар, 130у – кыздар. 37 өспүрүмдүн катышуусу менен өткөрүлгөн фокус-топтор өспүрүмдөр чоңойгон сайын кайсы көйгөйлөргө көбүрөөк туш болгонун аныктап чыкты. Балдарда акыл-эсин өнүктүрчү иш-чаралар уюштурулбаганы белгиленди. Себеби бош убакытты пайдалуу өткөрүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Рынок экономикасынын өсүшү менен, ата-энелер күнүмдүк жашоого акча табуу менен гана алек болуп калышты. Алар балдарды тарбиялоого талаптагыдай көңүл бура албай жатышат. Үй тиричилигинде балдардын эмгегин колдонгон учурлар көбөйдү. Өспүрүм курактагы балдардын мойнуна кичүүлөрдү багуу, мал кароо, үй тиричилигинде жардам берүү өңдүү милдеттер жүктөлгөн. Балдардын артыкчылыктары үй-бүлөдө да, жамаатта да эсепке алынбай келет. Баланын намысына тийген тарбиялоонун терс ыкмалары, анын ичинде күч колдонулган жана психологиялык зомбулук үй-бүлөдө да, мектепте да бар. Бала ата-энесине өз көйгөйлөрүн, аны эмнелер тынчсызданыдырып жатканын ачык айта албайт. Себеби ата-энелердин колу бош эмес же балдар менен сүйлөшүп туруу зарыл экенин түшүнүшпөйт. Ушул себептен




балдардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүгө шарт түзгөн кызмат көрсөтүүнү уюштуруп, алардын потенциалын ачып берүүгө, чыгармачыл же сынчыл ой жүгүртүүгө көмөктөшүш керек. Бала өз алдынча чечим кабыл алганды, өзүн контролдогонду, чечимдер үчүн жоопкерчиликти өзүнө алганды үйрөнүшү керек. Балада өзүнө болгон ишенимди пайда кылып, анда лидердик сапаттарды өнүктүрүү зарыл. Ошондой эле бала башкалар менен тил табышканды билиши керек. Мындай көндүм балдарга чогуу чечим кабыл алганды, баарлашууну, мамиле түзгөндү, бири-бирине күйүп, турмуштагы кыйынчылыктарды жеңе билгенди, сергек жашоо жүргүзгөндү үйрөтөт. Долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү: 2019-жылдын сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь айлары».

Ал арада Каракол шаардык мэриясы мамлекеттик социалдык заказ[1] (МСЗ) механизминин жардамы менен ишке ашырыла турган эки коомдук пайдалуу долбоор ишин баштаганын жарыялады. Конкурстун жыйынтыгы менен «Балдарга тирек» Коомдук фонду «Ата-энеси эмгек миграциясында жүргөн балдар» аттуу долбоорду ишке ашыруу үчүн, ал эми «Улукман дарыгер» Коомдук бирикмеси «Үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болгон аялдар» аттуу долбоорду ишке ашыруу үчүн тандалып алынды.

«Эки долбоорду ишке ашыруу үчүн Каракол шаарынын жергиликтүү бюджетинен бөлүнгөн жалпы сумма 400 миң сомду түзөт. Долбоорлор жылдын этегине чейин ишке ашырылат. Жакын арада үчүнчү долбоорго конкурс жарыяланат. «Коомдук тартипти сактоо» деп аталган долбоор туруктуу жашаган жери жок адамдар менен иш алып барууга багытталат», – деп айтып берди Каракол ш. финансы башкармалыгынын жетекчиси Г. ТОЛУМБЕКОВА.

Ошентип, Каракол коммерциялык эмес уюмдарды (КЭУ) артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө тартып, алар менен кызматташтыктын жаңы формасын колдоно турган Кыргызстандын тарыхында үчүнчү шаар болуп калды. Каракол мэриясы КЭУнун алдына так тапшырманы койду – эмгек мигранттарынын балдарынын кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен аялдарга зарыл болгон жардамды жана колдоону камсыз кылуу үчүн КЭУдан идеяларды жана сунуштарды алууну чечти.

Ленин, Узун-Кыр жана Кызыл-Октябрь айылдык аймактары, Ош, Нарын жана Каракол шаарлары «Социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчтөндүрүү» Долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институтунун (ӨСИ) өнөктөштөрү болуп эсептелинет. Аталган долбоорду АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) Биргелешип башкаруу боюнча программасы аркылуу каржылайт жана аны Ист-Вест Менеджмент Институту ишке ашырат. Бул долбоордун алкагында ӨСИ мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказды практикада колдонууга даяр болгон муниципалитеттерди тандап алды. ӨСИ МСЗны ишке ашыруунун бардык этаптарында – артыкчылыктуу көйгөйдү аныктап алгандан баштап, КЭУну тандап алып, долбоордун аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө чейинки бардык баскычтарда муниципалитеттерге консультациялык жардам берип келатат. Биргелешип башкаруу боюнча программа (ББП) Кыргыз Республикасындагы жарандык коом менен мамлекеттик органдардын ортосундагы натыйжалуу кызматташтыкка көмөкчү болот. Программаны АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылап, Кыргыз Республикасындагы Ист-Вест Менеджмент Институту ишке ашырууда.

[1] 2017-жылы «Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» Мыйзамдын жаңы редакциясы кабыл алынган. Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына муниципалитеттин аймагындагы социалдык көйгөйлөрдү коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу менен чечүү үчүн социалдык заказды жайгаштырууга жол ачты. Сөз болуп жаткан үч муниципалитет Чүй облусунда биринчилерден болуп мамлекеттик социалдык заказды ишке ашырууга конкурс жарыялашты.